84Ки7-4
К-20



Эмилбек КАПТАГАЕВ

# ЖЕТИ АКЕ ТААЛИМИ - ӨНҮГҮҮНҮН ӨЗӨГҮ

Эмилбек КАПТАГАЕВ

# ЖЕТИ АКЕ ТААЛИМИ - ӨНҮГҮҮНҮН ӨЗӨГҮ

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА им. В. И. ЛЕНИНА
№ 241553

Каракол — 2014

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
К 20

**КАПТАГАЕВ Эмилбек**

К 20 **"ЖЕТИ АКЕ ТААЛИМИ–ӨНҮГҮҮНҮН ӨЗӨГҮ":**
**- Каракол: (Саясий-публицистикалык очерк).**
**"Карга аке" басма үйү. 2014-ж., 92 б.**

**ISBN 978-9967-454-37-8**

Бул саясий очерк "Ынтымак Ордо" коомдук фондусу тарабынан даярдалып, басмадан чыгарылды. Максатыбыз – Ынтымакка, Биримдикке, Өз ара жардамга, Кайрымдуулукка, Мээнеткечтикке, Айкөлдүккө негизделген коомдук жана мамлекеттик түзүлүштүн пайдубалын бекемдөө. Бул чакан китеп коомдо көптөгөн талкууларды, талаш тартыштарды, эң башкысы эл ичинде жакшы жылыштарды жаратат деген ойдобуз. 2014-жыл Кыргыз Республикасынын Президенти А.Атамбаев тарабынан "Мамлекеттүүлүктү бекемдөө жылы" деп жарыя кылынды. Бул китепте айтылган ойлор, берилген сунуштар толугу бойдон ушул максатты көздөйт, коомдун [illegible], ички ынтымактын бекемделишине, жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасынын толук кандуу иштешине жол ачат.

К 4702300400-14

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-454-37-8

**© Э. Каптагаев, 2014**
**© «Карга Аке» басма үйү, 2014**

# Сөз...

Даанышмандан:

- Кол баштоо кыйынбы? Жол баштоо кыйынбы? Же сөз баштоо кыйынбы? – деп сурашса:

- Кол баштоо кыйын эмес – көк найзалуу эриң болсо. Жол баштоо кыйын эмес – ээрчиген элиң болсо. Мына кыйындан кыйын иш – бул сөз баштоо, – деп жооп берген экен.

Сөз... Сөз өлтүрөт, сөз өстүрөт...

Түйшөлткөн түйшүгүнө, жондон баскан жоопкерчилигине карабастан сөз баштайлы, болгондо да Ынтымак жөнүндө сөз баштайлы деп чечтик. "Ынтымак жакшы ырк жакшы, ырыскылуу журт жакшы" деп ырдалгандай, бул жерде айтылуучу сөз жерибиздин куту, элибиздин ырыскысы жөнүндө болмокчу. Сөз учугун улап, улам сүрөп, айтылган ойду, көрсөтүлгөн жолду, сунуш кылынган аракеттерди колдоого аласыздар деп ишенем.

Урматтуу замандаштар!

Бул сөз Ысык-Көлдүк мекендештериме карата айтылды. Анткени Кудайдын буйругу менен учурда Ысык-Көл облусунда Өкмөт тапшырган милдетти аткарып жатам. Бирок, айтылган ой, берилген сунуш жалпы кыргыз элине карата. Кайсы облуска барбагын, кайсы шаарга барбагын жашоо көйгөйү да, элдин тилеги, үмүтү да бирдей. Азыр телегейи тегиз болгон эч ким жок. Бирок, өз тагдырыбыз өз колубузда экени турмуш чындыгы. "Түтүнү

бөлөктүн түйшүгү бөлөк" дегендей, сырт жактан бирөө келип биздин көйгөйлөрдү чечип бербейт, Кыргызстанды өнүктүрөөр дагы, бытыратып жок кылаар дагы биз, кыргыздарбыз. Бириксек, ынтымакта болсок баары колдон келет, кемиген толот, үзүлгөн уланат. Заман да оңолот, коом да тазарат, жашообуз да түзөлөт.

Келечек үчүн биригүүнүн мезгили келди!

## ЫРЫС АЛДЫ – ЫНТЫМАК

Бүгүн кимден сурабагын Карга Аке, Мойт Аке, Сарт Аке, Тилекмат Аке, Садыр Аке, Карач Аке, Кыдыр Аке деп Ысык-Көл элинин сыймыгы болгон жети Акени такалбай санап берет. Акелерибиздин асыл ойлору, даанышман сөздөрү жалпы кыргыз элинин акыл казынасынан өз ордун тапканы да талашсыз. Учурунда Акелердин акылын угуп, айтканына муюп, доо болсо кечирилип, таарыныч жазылып, чатак басылып турган экен. Ошол заманды, ошол наркты, ошол биримдикти азыр ар бирибиз тамшануу менен айтабыз, отурган жерде узун сабак сөз кылабыз. "Ал ынтымак кайда кетти, салт бузулду, элдин пейили бузулду" деп кейийбиз, наалыйбыз...

Чынында эле ошол кезде жети башка уруктан чыккан жети Акенин сөзү жерде калбай, айтканы айткандай аткарылып турганы өзүнчө бир керемет, өзүнчө бир касиет болгон.

Аке деп даанышманын сыйлоо, ардактоо, алардын нускасы менен иш кылуу биздин Ысык-Көлдө эле

орун алып, биздин касиеттүү аймакта калыптанып, кийин Октябрь революциясынын шарданы менен гана жок болуп кеткен руханий феномен.

Ооздон оозго өтүп айтылып калган жети Акеден мурда дагы канча Аке бул дүйнөдөн өткөнүн ким билет. Алар эстен чыгып, тарыхтын каттамдарында кала беришти. Балким талыкпаган өжөр иликтөөчү чыгып, кай бирин тастыктап, таап да чыгаар. Мен билгенден Маана Аке айтылып жүрөт. Окумуштуу агайыбыз Мукамбет Казакпаевдин бул улуу инсан жөнүндө жазган эмгеги да бар. Маана Аке жылдыз санап, табигый кубулуштардын, аба-ырайынын сырын таасын билген адам экендиги айтылат. Ал кишинин касиетине байланыштуу эл оозунда бир топ уламыштар бар.

Ошондой эле, Кичи Аке деген ылакап, ысым менен 1917-жылдагы Октябрь революциясынын алдында элге таанылып калган, 1930-жылы кулакка тартылып Украинага айдалып, ал жактан келгенден кийин 1937-1938-жылдардагы репрессияда атылып кеткен Мамбетокто жөнүндө да бир топ уламыштар айтылат. Мамбетокто күңгөй саяктарынын Бакачы уругунан, Садыр Аке менен үзөнгүлөш жүргөн Байтерек бийдин иниси болгон.

Бул эки мисал менен мен дагы бир жолу Акелер феномени Даанышмандар институту катары Ысык-Көл аймагында узак убакыт жашагандыгын, кылымдан кылымга калыптанган нарк экендигин, көөнө тарыхтын бүктөмдөрүндө аты айтылбай, элдин жадынан чыгып калган дагы далай Акелер өткөндүгүн айткым келет. Кандай болгон күндө да

Аке феномени таңкалыштуу да, биз үчүн сыймыктуу да көрүнүш.

Даанышмандар институту катары калыптанган Акелер феноменинин сыры эмнеде? Сөз мына ушул өңүттө болмокчу.

Ырыс алды- ынтымак,
Ынтымагы бар элдин,
Айсыз кара түндө да,
Асманында күн турат.

Ынтымагы жок элдин,
Балдары иттей ыркырап,
Ачык жарык күндө да,
Асманында түн турат –деп Мойт Аке айткандай, айыл ичиндеги, шаар ичиндеги, тууган арасындагы ички ынтымакты бекемдөө-өзүбүздүн жаш муундардын келечеги үчүн кам көргөндүк, жалпы өсүү-өнүгүүнү карай баш койгондук, Ысык-Көлдөй ыйык жерибиздин куту үчүн күрөшкөндүк. Кылымдан кылымга элибизди эл кылып сактап келген улуу Нарк - бул Ынтымак, мына ошол Ынтымак үчүн күрөшүү.

Базар экономикасынын идеологиясын жана демократиялык түзүлүштү калпыс түшүнүү менен биз “кимди ким көрдү, быржыбайды там басты”, “өзүмдү өзүм билем, өтүгүмдү төргө илем” деген коомдук түзүлүшкө баш уруп алганыбыз ачуу чындык.

Демократия дегенди ар ким каалаганын кылат, оозуна келгенди сүйлөйт деп билгендер да толтура. Эркиндикти ээн баштык катары кабыл алгандар

четтен чыгат. Натыйжада коом ыдырап, жоопкерчилик жоголуп, тууган ичинде гана эмес, бир үй-бүлө ичинде да ынтымак кетип, элибиздин куту качып, кунары кетип бара жатат. Азыр атасы менен баласы, энеси менен кызы, кайнэне менен келини соттошуп, милициялашып, арыздашып жүргөнү кадыресе эле көрүнүш болуп калды.

Мисалы, милиция кызматына 2013-жылдын акыркы үч-төрт айы ичинде эле келип түшкөн арыздарды карап көрсөк, эмне деген акылга сыйбаган окуяларды табабыз. Тамчы айылынын тургуну Орозбаева арызданып жатат: – "Короодо турган үйдү агам Орозбаев өзүм билемдик кылып бузуп, жүктөп кетти, чара көргүлө"-деп. Теплоключенка айылынын тургуну Жумалиева арызданат: – "Жеңем Дүйшөбаева карыз акча алып, бербей жатат"-деп. Тепке айылынын тургуну Автандил деген жигит арызданыптыр: – "Таятам Кадыров сабап кетти"-деп. Тоңдун Жерүй айылынан Сылымов деген киши уулунун үстүнөн арызданып жатат: –"Өзүм билемдик кылып бирөөлөргө жылкымды кармата бериптир"-деп. Түптүн Чоң-Тогузбай айылынын тургуну Кожокеев арызданат: – "Бир тууган агаларым атамдан калган малды, кашарды ээлеп алып, бербей жатышат"-деп.

Бул тизмекти дагы далай узарта берсе болот. Былтыркы же мурдагы жылкы түшкөн арыздарды аңтарып чыксак далай окуя чыгат, соттошуп, милициялашып жаткан туугандар толтура.

Бул көрүнүшкө кол шилтеп, менин ишим кайсы, соттошсо туугандар соттошуп жатат, мушташса да,

тиштешсе да өз иштери деп көз жуумп койгонубуз туура болобу?

Деги биз эл катары, коом катары кай жакты карай бара жатабыз? Ич ара чатакташууну, араздашууну аттуу-баштуу адамдар чогулуп, ортого алып эле чечип койгон заман кайда калды, элибиздин көөнөргүс салты, түпкүлүктүү наркы кайда калды?

Ошондой эле, тууган ичиндеги өз ара жардамдашуу, каралашуу маселесин алалы. Качан эле кыргыздар жетим-жесирлерин, кары-картаңдарын кароосуз таштап салуучу эле? Азыр жетимканаларда да, карылар үйүндө да кыргыздар толтура. Багаар-көрөөрү жоктор гана эмес, балдары туруп ошол жерге барып башпаанек издөөгө мажбур болгондор да көп. Тентип, кайыр сурап жүргөн кыргыздар канча...

Урматтуу агайындар, элибиздин дилинде жаткан кайрымдуулук кайда, адамдык, тууғандык намыс кайда? Ушул боюнча эле бириндеп, бытырап кала беребизби же кайрадан нарктуу, салттуу, башы-көзү бар эл болуп жашап кетебизби?

Коом башка жакка, биздин элдин улуу наркына туура келбей турган тетири багытка кетип бара жатканын көрүп туруп эле унчукпай моюн сунуп, кол куушуруп отуруп беребизби?

Заман ушул нугунда агып бара берсе эртең эле “баланчанын уулу түкүнчөнүн уулу менен баш кошуптур”, “баланчанын кызы менен түкүнчөнүн кызы үй-бүлө куруп жатыптыр” деген, азыр акылга сыйбай турган сөздөр да биз үчүн “ал алкаш болуп калыптыр, наркоман болуп калыптыр” деген сымал

эле кадыресе көнүмүш болуп калабы деп коркот экенсиң.

Алкаш демекчи, арактын азабынан канча тагдыр сынып, канча бала жетим калып жатат, канчалаган жаштар наша же башка бангизат чегип алып чала кайым болуп жүрүшөт?

Кайда барып токтойбуз? Деги ушул туңгуюктан чыгуунун жолу барбы?

Бул айтылгандар жөн эле беймаза суроолор эмес экенине азыр ар бир киши макул. Ар бир суроо жүрөктү өйүйт, жан кейитет. Наалыйбыз, шыпшынып арманыбызды айтабыз, бирөөлөргө сынтагабыз. Бирок, эл ичинде жалпы кыймыл, жалпы аракет жок. Түшүнүү бар, бирок түйшүк тартып, толгонуу жок. Аттуу-баштуу адамдар жыйналып, топтошуп сүйлөшүү, кеңешүү, чечим издөө, жол издөө жок. Келечекке кайдыгер карап, башкалар эмне болсо ошол болсун дегендей мүнөз күтүп калдык. Коомдун оорусу, нарктын жоголушу, ички биримдиктин ыдырашы, адамдардын адам катары касиетин жоготушу эртең эле айланып келип ар кимдин башына тийе турганын баамдабай жатат көрүнөбүз.

Кадырман карыларга, мээрман энелерге, жүрөгүндө оту бар жаштарга кайрылат элем:

**Ардактуу боордошторум, мындан ары карай өнүгүүнүн, келечекте нарктуу журт катары татыктуу жашоонун жолу бар. Ошол жолду издейли, табалы. Элибизди эл бойдон, журтубузду журт бойдон сактап калуунун аракетин кылалы!**

# ТУУРА МАКСАТ–ТУУРА ЖОЛ–ТУУРА АРАКЕТ

Кандай иш болсун өтөөсүнө чыгыш үчүн үч нерсе өтө маанилүү:

Биринчиден -**туура максат** коюу.

Экинчиден – **туура жол** тандоо.

Үчүнчүдөн – **туура аракет** кылуу.

**Биздин максат –** бул элдин биримдиги, айыл ичиндеги, тууган арасындагы ынтымак, өз ара каралашуу, жардамдашуу, күнүмдүк турмуш көйгөйлөрүн биргелешип чечүү.

Демек, максатыбыз туура.

**Тандаган жол –** Ынтымак жолу. Ата-бабадан бери келе жаткан ынтымактын негизинде айыл-шаарлардын калкын жамаатташтыруу, өз таламын талаша ала турган, өз кызыкчылыктарын коргой ала турган жергиликтүү коомдоштуктарды жаратуу жолу. Бул - кылымдан кылымга элибизди эл кылып сактап келген жол, тарыхтын татаал сыноолорунан өткөн жол.

Демек бул жол - туура жол.

Ооба, "Ырыс алды-ынтымак" дейт элибиз. Ошол улуу Ынтымакты туу тутуп, 2013-жылдын август айында Ысык-Көлдүн аттуу-баштуу инсандарын жыйнап, Каракол шаарында "Ынтымак Форумун" өткөрдүк. Гезиттер аркылуу, телекөрсөтүү аркылуу маалымат элге кеңири берилди. Ал Форумда Кыргыз Эл Баатыры Бексултан Жакиев төрагалык кылды. Ошол Форумда айтылган сөз, берилген сунуштар жерде калбасын деп "Ынтымак Ордо" коомдук фондусун да түздүк. Азыр анын активи ар бир

район-шаарда түзүлүп, элге чыгып, уюштуруу иштери башталып жатат.

### "Ынтымак Ордо" коомдук фондусунун башкы максаттары кайсы?

**Биринчиден**, 2013-жылдын 10-августунда өткөн "Ынтымак Форумунун" чечимдерин аткарууну камсыз кылуу, облустун социалдык жана экономикалык кызыкчылыктарын коргоону жана аны турмушка ашырууну уюштуруу үчүн өбөлгөлөрдү түзүү, жарандык коомду мобилизациялоо.

**Экинчиден**, ошол Форумда кабыл алынган чечимге ылайык улуттук спорт оюндары боюнча "Жети Аке" кубогуна мелдештерди жылыга үзгүлтүксүз өткөрүүнү камсыз кылуу.

**Үчүнчүдөн,** "Жети Аке" сыйлыгын уюштуруу, анын Жобосун иштеп чыгуу, сыйлык коруна атайын каражат топтоо, жылына жети номинация боюнча конкурс жарыялап, жыйынтыгын чыгарып, татыктуу деп табылган инсандарга сыйлык тапшыруу аземин өткөрүү.

**Төртүнчүдөн**, жети Акенин бизге калтырган осуяттарын кеңири таркатуу максатында алардын философиясы боюнча атайын изилдөөлөрдү, конференцияларды уюштуруу, "Жети Аке таалими" китебин, даярдоо, руханий мурастар боюнча китептерди жана макалаларды басып чыгаруу.

**Бешинчиден**, Ысык-Көл аймагынан чыккан атактуу инсандардын мурастарын жыйноо, аларды жайылтуу, маарекелерди өткөрүү, музейлерди уюштуруу, улуу инсандардын ысымдарын түбөлүккө

калтыруу багытындагы иш - чараларды даярдоо, айкелдерин орнотуу.

Мына ушул аталган беш жагдайды ишке ашырууга башкы өбөлгө боло турган **негизги максат – бул айылдарда, шаарларда жана райондордо, жалпы облус боюнча элдин ынтымагын, биримдигин бекемдөө.**

"Ынтымак Ордо" коомдук фондусунун бардык күч - аракети мына ушул бийик максаттарды ишке ашырууга жумшалмакчы.

Ошентип, элибиздин кутун кайра алып келүүчү биримдиктин пайдубалын түптөөнү алдыбызга максат кылып койдук.

Аскар- аскар аскар тоо,
аягы барып чап болот.
Атадан алтоо болсо да,
сүйлөшпөсө жат болот –деп Сарт Аке

айткан экен. Бул накыл сөздөр коомдук түзүлүшкө, ынтымакта жашоого карата нукура кыргыз философиясынын көөнөргүс үлгүсү. Биздин максат - бир атанын тукуму болгон туугандар арасында, бир көчөдө же бир конушта жашаган коңшулар ортосунда ошол "сүйлөшүү" аянтчасын түзүү, ошондой мүмкүнчүлүк жаратуу, биримдиктин элдик наркын калыптандыруу, туруктуу эрежелерин бекитүү.

Ар кимиси өз арбайын согуп жашап жаткан жергиликтүү тургундарды биз жергиликтүү жамааттарга бириктирип, жергиликтүү коомдоштуктарды калыптандыруубуз, алардын азыркы коомдук жана мамлекеттик түзүлүштөгү ордун табуубуз абзел.

Жакын туугандардан (бир атанын тукумунан) же жакын кошуналардан (бир көчөнүн же бир кварталдын тургундарынан) турган жамааттар өз ара каралашуунун, өз ара жардамдашуунун, өз ара талап коюунун, тентектерди тескеп, жөнтөктөрдү жөндөп, алардын чектен чыккан жоруктарын тыюунун реалдуу механизми боло ала турганына көптөгөн мисалдарды келтирүүгө болот. Азыр эл ичинде мындай жамааттар көп.

Биздин сунуш – айыл жана шаарлардын калкын жамаатташтырып түзүп чыгуу, кайрадан коомдук түзүлүштүн илгерки, кылымдан кылымга сыналган нугуна түшүү.

Биз сунуш кылып жаткан жамааттык кыймыл кыргыз элинин илгертеден келе жаткан коомдук түзүлүшүнө, башкаруунун элдик наркына таянат.

"Кан бийлигинен нарк улуу" дейт. Элдик нарктын башаты – жамаат ичиндеги Ынтымак. Мына ушул ынтымактын белгиси өз ара жардам, өз ара каралашуу, кам көрүү, чарбалык же турмуштук маселелерди биргелешип, кеңешип чечүү, улуусун урматтоо, кичүүсүн ызаттоо. Эреженин өзөгү ушул.

Ал эми ынтымагы жоктуктун белгилери болсо – ушак, көрө албастык, күнүмдүк турмушта ар ким өз арбайын согуу, кайрымсыздык, ичи тардык, уурулук, басмырлоо, басынтуу, зөөкүрлүк, куру намыска негизделген пайдасыз атаандаштык.

**Булар учурда элдин кендирин кесип жаткан тескери сапаттар, алардын таасири менен пайда болгон нерсе – пейилдин бузулушу. Бекеринен азыр карыларыбыз: "Заман жаман эмес, жашоо - тиричилик жаман эмес, Кудайга шүгүр, ачка**

**калган киши жок, карандай сууга талкан чалып ичип отурган киши жок, бирок элден пейил кетти, пейил бузулду,"–деп бекеринен айтып жатышпаган чыгаар. "Пейил оңолбой заман оңолбойт" дейт.**

Пейилибизди тазартуу, айыл коомдоштугунун ичинде Айкөлдүк, Абийирдүүлүк, Ыймандуулук, Калыстык, Сабырдуулук, Боорукерлик, Жоомарттык, Мээнеткечтик сыяктуу баалуулуктарга негизделген ички өз ара мамилелердин калыптанышына шарт түзүү учурдагы мамлекеттик бийлик органдарынын да, жергиликтүү өз алдынча башкаруу бийлигинин да, журт ичиндеги эл жакшыларынын да, жүрөгүндө оту бар жаштардын да эң жогорку милдети деп айтат элем.

Мына ошол ондук-жамааттарды түзүү жолдору, алардын иштөө жоболору тууралу кеп кылалы, талкуулайлы, талдайлы, акыл калчап отуруп акыйкат чечимге келели деген сунуш.

Албетте, бул иште учурда жер-жерлерде бар жамааттардын тажрыйбасын, алардын ички биримдик усулдарын, тирлик жаатындагы алгылыктуу иштерин эске алуубуз керек, колдонуубуз керек.

Биздин аракет ушул багытта болмокчу.

## "АЛТООҢ АЛА БОЛСОҢ..."

"Алтооң ала болсоң алдыңдагыны алдырасың, төртөөң төп болсоң төбөңдөгүнү аласың" дейт элибиз. Тээ илгерки жоокерчилик заманда Балбай баатыр башында турган жигиттердин төп болгонунан улам Ысык-Көлдөй касиеттүү жерди

коргоп калып, улуу муундар, кийинки муундарга ыйык мурас катары калтырышкан. Ошол мезгилде журт башында Боромбай султандай көсөм инсан турганынан улам элдин ынтымагы, жети Акенин таалими бизге шам чырак болуп берилип отурат. Керемет жердин кутун качырбай, берекесин кетирбей, өстүрүп, өнүктүрүп кийинки муундарга калтыруу биздин, азыркы мезгилде жашап жаткан муундардын моюнундагы ыйык парзы, ошол бабалардын арбактарынын алдындагы милдети экени анык. Муну чечмелеп, майдалап айтып отуруунун кажети жок деп ойлойм.

Мына азыркы учурда ошол "алтообуз ала болгондон" улам касиеттүү Ысык-Көлдүн кадырына жете албай, өз кызыкчылыгыбызды коргой албай жатканыбыз да жашыруун сыр эмес.

Канчадан бери ызы-чуу болуп жаткан Кумтөр алтын кенин эле алалы. 1996-жылдан бери казылып жатат. Бирок, ошол миң тоннага жакын алтын запасы бар кен байлыктын үстүндө отурган Ысык-Көл аймагынын социалдык-экономикалык абалынын начарлыгы, айыл-кыштактарда гана эмес Каракол, Балыкчы сыяктуу бир кезде өнөр-жайы менен дүңгүрөп турган шаарларда да жолдордун бузулуп, машине эмес жөө киши түз басалбай чалынып турганы, түнкүсүн көчөлөр караңгы болуп тунжураганы зээнди кейитпей койбойт. Облус боюнча өнөр-жай дээрлик жок, жаштар жумушсуз.

Кумтөрдөй алтын кени бар, Ысык-Көлдөй керемет көлү бар аймак мындай жакыр болбой, башка аймактардан жок дегенде үч тапан алдыга

өнүгүүгө тийиш болуучу. Тилекке каршы, андай болбой жатат. Анткени ошол байлыктын түздөн-түз ээси болгон Ысык-Көл аймагынын элин эч ким эсепке алган эмес.

Азыркы учурда облуста 192 мектеп бар, алардын 82си ыңгайлашкан имараттарда жайгашкан, атайын типтүү мектеп болуп курулган эмес. Бир кезде билимдин, илимдин, маданияттын очогу болгон Ысык-Көл аймагы үчүн бул жакшы эмес көрүнүш, келечекте балдарыбыздын билими башка региондордон кыйла эле артта кала турганынын ачыктан-ачык белгиси.

Облустун борбору Каракол шаарында, райондук борборлор Түп, Кызыл-Суу, Бөкөнбаев айылдарында жайгашкан ооруканаларды карап туруп эмне деп айтаарыңды да билбейсиң. XXI кылымдын 14-жылында ушундай шартта аргасыздан оорулуу адамдарды дарылап жатканыбызга уяласың.

Мындай көрүнүштүн негизги себеби - эл өз байлыгына өзү ээ болуп, айыл же аймак айланасында жайгашкан табигый байлыктарды пайдаланууну өз колуна ала албаганында, ошол байлыктарды иштетүү боюнча чечимдерге таасир бере турган мүмкүнчүлүктүн жоктугунда.

Жаратылыш байлыктарынын, табигый ресурстардын бирден- бир ээси -эл. Жайыттар, жер-суулар, тоо-токойлор, кен-байлыктар элдин жалпы менчигинде болуп, ошол аймактын өнүгүшүнө кызмат кылышы керек. Ар бир айылдын, ар бир шаардын эли ошол аймактагы табигый

байлыктардын сарамжалдуу пайдаланылуусуна көзөмөл кылууга тийиш.

Албетте, айтылган байлыктарга ээлик кылыш үчүн ошол аймактын тургундары даяр болушу керек, өз алдынча башкаруучу коомдук структуралары түзүлүп, алардын ыйгарым укуктары так аныкталышы керек. Эл менен бийликтин ортосунда көпүрө боло турган, элдин атынан жамааттык кызыкчылыктарды коргой ала турган нукура элдик бийликтин түзүмдөрүн калыптандыруу зарылдыгы алдыбызда турат.

Мына ушундай түзүмдүн пайдубалын жергиликтүү жамааттар, алардын өкүлдөрүнөн турган элдик жыйындар, элдик кеңештер түзөөрү шексиз.

Эл өз таламын талашып, өз кызыкчылыгын өзү коргой алганда гана ар бир айыл, ар бир шаар өнүгөт. "Бала ыйлабаса эмчек кайда?" дейт. "Кийиз кимдики болсо билек ошонуку" деген да ылакап бар. Ар бир айылдын, ар бир шаардын калкы өзү аракет кылып, өз байлыгын, өз ырыскысын өзү коргоп калууда ынтымакта болушу зарыл.

Биз ушул жолду – Ынтымак жолун тандап алдык.

## ЫНТЫМАК – АДАМ БАЛАСЫНЫН ТАБИГЫЙ МУКТАЖДЫГЫ

Кыргыз коомун кармап турган эреже – бул **даанышмандардын акылы, бийлердин калыстыгы, байлардын берешендиги, калктын жакшы ниети** деп учурда "Өз жардам топтору" деп аталган чоң коомдук кыймылдын негиздөөчүсү



ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА им. В. И. ЛЕНИНА

Жумагазы Усупов туура баамдап жазган. Мына ушул эреже иштеши үчүн коом туура түзүлүшү керек, коомду коом кылып кармап турган ички өз ара мамилелер, карым-катнаштар так аныкталууга тийиш.

Биз жогоруда сунуш кылып, талдап келген жамааттташуу кыймылы мына ошол туура коомдук түзүлүшкө жол ачат.

Бир топ жылдан бери жамааттташуу идеясын үгүттөп жүргөн Салмоор Дыйканов деген кыргыздын ойчул жигити: -"Тетиктерди бир жерге үйүп койсоң же туш келди чогултсаң ал иштебейт, машине болуп калбайт. Ал тетиктерди билген уста туура чогултса, ар бир тетикти өз ордуна жайгаштырса гана ал машине болот, иштейт"-деп айтканы бар.

Ошол сымал эле адамдардын бир жерде, бир көчөдө же бир айылда жашап турушу менен эле жамаат, коомдоштук түзүлбөйт. Алар ар кимиси өз түйшүгү, өз кайгысы, өз көйгөйү менен өзү болгон жергиликтүү тургун болуп эле кала беришет. Жергиликтүү тургундар (местное население) менен жергиликтүү жамааттын же коомдоштуктун (местное сообщество) айырмасы асман менен жердей. Жергиликтүү тургундар жанагы бир жерде чогуу жыйылып жаткан тетиктердей эле. Жамаат же коом түзүлүш үчүн ошол адамдар биригип, бир эрежеге баш ийип жашашы керек, тирлик, маданий жана башка муктаждыктарын биргелешип чечүү мүмкүнчүлүгүгү болушу керек, өз ара каралашуу, жардамдашуу, жамандык-жакшылыкта бирге болуу

шарттары калыптанышы керек. Башкача айтканда, бир эрежеге баш ийип жашаганда гана тетиктер жыйналып машине болгондой эле, тургундар жыйылып жамааттарды, коомдоштуктарды түзөт.

Салмоор Дыйкановдун дагы бир салыштырмасы бар. Ал жапайы өрдөктөр менен колдогу бакма өрдөктөрдү салыштырат. Чынында эле сырткы кейпинен анча айырмаланбаган өрдөктөрдүн жашоо ыңгайында айырмачылык абдан эле чоң. Жапайы өрдөктөр үйүрү менен жашайт, аларды баштаган баш өрдөгү бар. Кайсы жерге жайлайт, кайсы жерге кыштайт, качан жумуртка басып, балапан чыгарат, качан учушат, кайсы жол менен учушат – баары белгилүү, табигат берген купуя күч аларды бириктирип, бир жамаат кылып кармап турат. Баш өрдөктү атып салса, башка өрдөктөр туш- тушка тарап учуп кетишпейт, дароо эле кийинки бирөө баш өрдөктүн ордун ээлеп, тирлик ыңгайын жоготпой жашай беришет. Учканда да алдыга алдуу-күчтүү өрдөктөр учушуп, үч бурчтук болуп тизилип, аба жиреп, арт жактагы чабал, анан жаш өрдөктөргө шарт түзүп, кам көрүп учушат.

Ошол эле учурда, короодогу бакма өрдөктөрдү алалычы. Аларда баш өрдөк жок, табигат берген жашоо ыңгайын жоготуп, толугу менен кол карап жашоого көнүп калышкан. Жем берсе алдуусу алсызын түртүп, чокуп, четке кубалап, өздөрү жемдин көбүн жейт. Бакма өрдөктөрдүн бир гана көйгөйү – бул жемсөөсүн толтуруу. Үйүр жок, жамаат жок. Өрдөктүн ээси карап, жем берип бакпаса кырылып калат.

Мына ушул салыштыруудан Салмоор Дыйканов төмөнкүдөй тыянак чыгарат: -“Адамдар улам барган сайын Жараткан берген кутун жоготуп, миңдеген жылдар элди эл кылып сактап келген ички эрежелерден кол жууп, бара - бара бакма өрдөктөрдүн кейпине түшүп баратат. Бир айылда же бир шаарда туруп, бирдиктүү эреже менен коомдошуп жашабаган адамдар бакма өрдөктөрдөй эле ар ким өз түйшүгү менен алек болуп, ар ким өз курсагынын камын жеп гана жашайт. Мына ушундай жекечил турмуштун айынан жалпы нарк, элдин пейили бузулуп, тартип жоголуп, адам менен адамдын ортосунда сый жок, улуудан урмат, кичүүдөн ызат кетип калды”.

Даана, так айтылган салыштыруу. Терең ойлоно турган болсок, чынында эле элдин куту качып, байлык өссө да берекеси жок болуп бара жатканы ачуу чындык эмеспи. “Куту жок эл, куту жок жер” деген сөз илгертеден жөн жеринен айтылбаса керек.

Адамды адамга тартып, баштарын кошуп, бирге болууга мажбур кылып турган нерсе бул – муктаждык. Ооба, муктаждык. Ар бир адамда муктаждык бар, ар бир үй-бүлөдө бар муктаждык. Азыр көпчүлүк адамдардын колунда байлыгы бар, эч кимден көз каранды болбой, өз алдынча эле жашоого, материалдык муктаждыктарын чечүүгө мүмкүнчүлүгү бар. Бирок, адам коомдо жашап туруп коомдон сырткары боло албайт экен.

Ошондуктан эң алгач адам адамга муктаж, сүйлөшөр, күйүшөр, каралашар, жардамдашар кишиге муктаж. “Киши болоор кишинин киши

менен иши бар" дейт. Көрсө колунда бар бай адамда да, колунда жок жакыр адамда да бирдей муктаждык бар экен.

Бул муктаждык – биримдик, ынтымак. Ооба, адам адам болуп жаралгандан кийин бир кара курсактын кулу болуп, курсагы тойгонго сүйүнүп жүрө бере албайт экен, ал сөзсүз түрдө тууган арасындагы, кошуналар арасындагы, коом ичиндеги ынтымакка муктаж болуп кала берет экен. Адам баласы үчүн бул табигый муктаждык экендигин тана албастырбыз.

Адам баласынын жашоо Куту - Ынтымак. Бизге жаратылыш ыроологон Кут ушул экен.

Азыр эки ата өткөн туугандар эмес, бир ата-бир энеден жарык дүйнөгө келген бир туугандар да биринин үйүнө бири кирбей, чоочун кишидей болуп чакырык менен гана барып чай ичип калганы жан кейите турган көрүнүш эмей эмне! Ушинтип тууган тууганды, киши кишини таанывай калган заман жакшылыкка алып бара турганына ишенбейсиң.

Элибизге кайра Кут консун десек, журтубузга Кудай ырыскысын аябасын десек, анда **Ынтымакка, Биримдикке, Өз ара жардамга, Кайрымдуулукка, Мээнеткечтикке, Айкөлдүккө** негизделген коомду калыптандыруубуз зарыл. Бул мезгил зарылдыгы, учур талабы.

Мына ушул зарылдыктан улам аймакташ жашаган айылдын же шаардын тургундарын бириктирип, экономикалык, маданий, тирлик жана башка маселелерди биргелешип чечүүгө, ошол аймактагы калктын жалпы кызыкчылыктарын

биргелешип коргоого мүмкүнчүлүгү бар жамааттарга жана коомдоштуктарга айлантуу маселесин коюп жатабыз.

## ЖАМААТТЫК КЫЙМЫЛ – КООМДУК ТҮЗҮЛҮШТҮН НЕГИЗИ

"Уругуң ким, тегиң ким?

Ураанын ким, элиң ким?"–деп кыргыз эли илгертеден урук-урук болуп, уруу-уруу болуп коомдошуп жашап келген. Ар бир кыргыз өзүнүн жети атасын, уругун, уруусун билүүгө милдеттүү. "Жети атасын билбеген - кул" –деп айтылган.

Албетте, коомдук түзүлүштүн, мамлекеттик түзүлүштүн башаты – бул үй-бүлө. Үй-бүлөнүн бекемдиги, үй ичинде салттын сакталышы, ыймандын барлыгы коомдун бекемдигине түздөн - түз таасир этет. Ал эми өз алдынча тирдик кылып, катарга кошулуп, сөзгө аралашып калган үй-бүлөнү кыргыз **түтүн** деп айтат. Уруунун же уруктун салмагы, күчү түтүндүн санына жараша, каруу-күч берүүчү эр жигиттердин караанына карата аныкталган.

Бир атанын тукуму болгон түтүндөр бир ондукка биригишкен. Кылымдан кылымга кыргыздардын коомдук түзүлүшү ушул ондуктарга негизделип келген. Алардын чарбасы, конушу, жайыты бир болгон. Бүлүнүп же кыргынга кабылган уруулардын калдыктары курама ондуктарга же курама уруктарга биригүү салты да орун алып келген. Кандай болгон күндө да ондуктар же туугандыкка негизделген

ондук-жамааттар коомдук түзүлүштүн башаты болуп, өз алдынча уюштуруу жана өз алдынча башкаруу системасынын өзөгү болушкан.

Ондук ичинде, ошондой эле аталаш ондуктарды бириктирген уруктун ичинде да ынтымак, өз ара жардам күчтүү болгон. Алдуусу алсызына каралашуу, жетимдерге, жесирлерге кам көрүү, ашар менен же алгоолошуп иш бүтүрүү, саан берүү, мал курап берүү, ат күчүн берүү сыяктуу ички ынтымак бар болгон. Жалпы урук башында мүшкүл жок болсо ичер ашы, кийер кийими, минер аты жок түтүн болучу эмес. Уруу ичинен бирөө-жарымдын тентип кетиши, кайыр сурашы же ачкадан өлүшү жалпы уруктун намысына тийе турган иш болгон. Жетимдер, жесирлер багуусуз, кароосуз калган эмес.

Бүгүнкү күндө да бир атанын тукумун бириктирген ондуктар тууган ичиндеги ынтымакты кармоодо, жамандык - жакшылыкта өз ара жардам маселелерин чечүүдө ордун жоготпой келе жатат.

Кийинки мезгилде чоң айылдарда, айрыкча эл аралаш жашаган айылдарда, шаарларда бир көчөдө же жанаша көчөлөрдө жашаган кошуналардын жамааттары да түзүлүп келатат. Мындай жамааттар көбүнчө жамандык-жакшылыктардагы ыражага же болбосо шеринеге негизделген. Мындай жамааттар же ондуктар да коомдук түзүлүшкө негиз боло алат.

Ошондой эле, бир этноско (улутка) таандык жарандарды бириктирген этникалык жамааттар бар. Мисалы, бир айылда жашаган орустар, уйгурлар, казактар же башка улуттун өкүлдөрү сөзсүз түрдө

бир жамаатка биригип, турмуштун ар кандай шарттарында бирге болуп келгенине күбө болуп жүрбөйбүзбү.

Мындан сырткары акыркы жылдары ар кандай Долбоорлордун (ПРООН, АРИС ж.б.д.у.с.) жардамы аркалуу да социалдык, экономикалык же маданий маселелерди чечүүнү максат кылган ар кандай жамааттар түзүлүп калк ичинде иш жүргүзүп жатат. Алардын иш тажрыйбасы да биз үчүн пайдалуу, сөзсүз түрдө жамаатташтыруу ишинде колдонулууга тийиш.

Ошондой эле, айылдарды таза суу менен камсыз кылууга, сугат сууну, жайыттарды, токойду пайдаланууну жөнгө салууга багытталган долбоорлор да жамааттык топторду түзүү идеясына негизделген.

Биздин оюбузча ушул аталган жамааттардын бардыгы, ошондой эле айыл-шаарлардагы мектеп, оорукана жана башка мекеме-ишканалардын эмгек жамааттары да жергиликтүү өз алдынча башкарууга түздөн - түз катышууга акылуу, ошол эле учурда милдеттүү да болушу керек.

Биздин максат - түпкүлүктүү, туруктуу жамааттар болгон баштапкы ондук-жамааттардын (тууганлык же кошуналык негизде түзүлгөн жамааттар) ички өз алдынча уюшуу принциптерин (принципы самоорганизации), өз алдынча башкаруу принциптерин (принципы самоуправления), ошондой эле ички маселелерди чечүүгө өбөлгө болуучу ички каржы фондуларын түзүү

принциптерин калыптандыруу. Ондук-жамааттар кайрадан уюштурулуп чыгып, мыйзам аныктаган тартипте жергиликтүү кеңештерде каттоодон өтүүгө тийиш.

Айылдын же шаардын жергиликтүү жамаатынын же коомдоштугунун (местное сообщество) ички өз алдынча түзүлүш принциптери (принципы самоорганизации) толугу менен жамааттташуу идеологиясына баш ийдирилиши керек. Биз жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын түзүүдө "тургундардын сходу", "тургундардын жыйналышы", "тургундардын конференциясы" деген аныкталбаган түшүнүктөргө таянбай, жергиликтүү ондук-жамааттардын атайын өкүлдөрүнөн турган айыл же шаар коомдоштугунун кеңештерине таянып иш кылууну максат кылып коюп жатабыз.

Чынында эле айылдын калкын "сход" болот деп чакырсаң көбү келбейт, беш-алты миң калк жашаган айылдарда деле "сход" ашып кетсе эки жүз кишинин катышуусу менен өтөт. Анан ушундай аз эле киши катышкан жыйындарды жалпы айылдын калкынын чечими катары айтып, ал чечимдерге таянып иш кылып да жүрөбүз. Бул туура эмес көрүнүш. Жалпы айылга тийиштүү көйгөйлөр талкууланып, ал көйгөйлөр боюнча чечим элдин атынан кабыл алынып жаткандан кийин, ал айылдын тургундары талкууга да, чечим кабыл алууга да кандайдыр бир жол менен, түз же кыйыр иретинде катыштыгы бар болууга тийиш.

Ошол себептен, толугу менен аныкталган туруктуу жамааттар гана коомдук түзүлүшкө негиз боло алышат, ошол жамааттар гана өз кызыкчылыгын коргоп, туруктуу өнүгүүгө жол ача алышат– деп айтып жатам.

Айылдын же конуштун жалпы көйгөйлөрү адегенде ар бир жамаатта талкууланып, жалпы пикир калыптанышы керек. Анан гана жалпы талкууга коюлганы дурус.

Аткарылуучу иштердин экинчи баскычы жамааттык топтордун өкүлдөрүнөн куралган айылдык жана шаардык Ынтымак кеңештерин түзүү, алардын иштөө тартибин аныктоо болуп саналат.

“Кеңешип кескен бармак оорубайт” дегендей, түзүлгөн кеңештер ар бир айылдагы же шаардагы жерди, сууну, жайытты пайдалануу, көрктөндүрүү, жашылдандыруу, тазалыкты камсыз кылуу, коомдук тартипти сактоо сыяктуу жалпы иштерди талкуулап, жалпы кызыкчылык үчүн чечүүгө тийиш.

Бул жерде атайын айта кетүүчү нерсе, Балыкчы жана Каракол шаарларында, Чолпон-Ата, Түп, Ак-Суу, Кызыл-Суу, Бөкөнбаев сыяктуу райондун борборлорунда же Кажы-Сай, Сары-Камыш, Жыргалаң сыяктуу тургундары ар жактан келип жайгашкан айылдарда ынтымак көчөлөрдүн же кварталдардын, көп кабаттуу үйлөрдүн жана алардын негизинде түзүлгөн кондоминиумдардын чегинде уюшулганы дурус. Бул жактарда кошуналык иретинде түзүлгөн ондук- жамааттар негизги орунду

ээлейт.

Айыл же шаар ичин толук жамаатташтыруу иши бара-бара бир кызыкчылыкты көздөгөн, максатташ, тилектеш жарандарды бириктирген аймактык туруктуу жамаат – аймак коомдоштугун (местное сообщество) калыптандырууга жол ачат. Ошентип, жергиликтүү коомдоштуктардын пайда болушу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасы да өз маанисин, өз ордун табат.

Байыркы улуу ынтымакты бекемдөө, айтылуу жети Акенин осуяттарына ылайык нукура даанышмандыкты, көсөмдүктү, нарктуулукту, ыймандуулукту, ариет-аруулукту, эмгекчилдикти дөөлөт туткан инсандардын жаңы муунун тарбиялап чыгуунун жолу да ушул.

## УЛУУНУ УРМАТТОО, КИЧҮҮНҮ ЫЗААТТОО – ЭЛДИК НАРКТЫН ӨЗӨГҮ

Жамаат ичинде турмуш-тиричиликке байланышкан ар кандай маселелерди чечүүдө жаш куракты эске алуу талап кылынат. Кыргыз элинин наркына ылайык эр бүлөнү жаш курагына ылайык төмөнкүдөй бөлгөнүбүз туура болот:

12 жашка чейин – балдар,
12 жаштан 16 жашка чейин – өспүрүмдөр,
16 жаштан 35 жашка чейин – жаштар,
36 жаштан 60 жашка чейин – орто муун,
61 жаштан өйдө – улуу муун, аксакалдар.

Ушуга ылайык эле аялзатын да төмөнкү жаш

курактарга бөлгөнүбүз туура болот:

16 жаштан 35 жашка чейин – кыз-келиндер,
36 жаштан 60 жашка чейин – орто курак аялдар,
61 жаштан өйдө – байбичелер.

Ар бир жаш куракттын өз орду болот, өзүнө карата салабаты болот. “Улууга урмат, кичүүгө ызат”, “Жаш келсе ишке, кары келсе ашка”, “Жашыңда берсин мээнетти, карыганда берсин дөөлөттү”, “Карысы бардын ырысы бар”, “Абийириңди жашыңдан сакта”, “Карылар төрдүн куту” дейт элибиз.

Аксакал адамдар (мейли эр киши, мейли байбиче болсун) өз тууган ичинде, өзүлөрү жашаган айылда, өзүлөрү таасир эте алган аймакта жүрүш-турушу, баскан-турганы, башкаларга жасаган мамилеси, айткан сөзү, жасаган иши менен үлгү болгону абзел. Эгерде жашы алтымыштан өткөн киши өз жаш курагына ылайык нарк, каада сактабаса, айткан сөзү, жасаган иштери, жүргөн - турганы менен жаштарга тескери үлгү көрсөтсө, анда мындай кишилер катардан чыгарылып, чакырыктан калып, кадырман, сыйлуу адамдар отурган жерге кошулбаганы оң. Наркты, салтты сактаган коомдордо мындай кишилер кеп-кеңешке, жыйын-топко да кошулбайт. Аксакал жашындагы кишилердин жаштарга теңтуш болуп, алар менен көчөдө арак ичип, жаш курагына ылайыгы жок өйдө-ылдый сөздөрдү сүйлөшүп, калжаңдашып олтурушу элибизге жат көрүнүш.

Мындай кишилерге карата "Сакалы өрттөнгүр" деп айтылат.

Биздеги дагы бир кейиштүү, салтка жатпаган, чектен чыккан көрүнүш - бул келиндердин бейадептиги. Жаш эле келиндер уюшуп алып ичимдик ичишип, улуу-кичүүнү көзгө илбей көчөдө шарактап жүргөнүн көрөбүз. Мындай көрүнүш жакшылыктын жышааны эмес экенин көпчүлүк билип эле турат. Бирок, айыл ичиндеги улуу адамдар тургай өз кайын энелери да "кой балам, эл эмне дейт, биздин тукумду уят кылба" деп айта албай калган заман болуп жатпайбы.

"Кызга кырк үйдөн тыюу" деген сөз кыздарга гана эмес, жаш келиндерге да тиешелүү. Эл чогулган жерге келип, аксакалдарды беттен алып, сөздү ала качып аңкылдап жаткан келиндерди уяткарып, тыйып коюуга коомчулуктун эрки жетпей калды, "менин ишим эмне" дегендей ар бирибиз четке чыга беребиз. Ал тургай ошондой албуут аялдарды чогултуп алып, аларды атайын шыкактап, ар кандай коомдук мааниси бар жыйындарда алдыга чыгарып сүйлөтүп, элдин өкүлү катары көрсөтүп, аларды телекөрсөтүүгө да чыгарып, кирди-чыкты саясатка да пайдаланып жатышпайбы. Аялдардын мындай "даярдалган" тобуна ОБОН деген ат да коюлду, кыргыздын "обон" деген назик сөзүнөн эмес, орустун "Отряд Баб Особого Назначения" дегенинен кыскартылып айтылып калды. Ушул сөздү маркум Дооронбек Садырбаев биринчи айтып чыкса керек эле.

ОБОНдорду астыга салып, озондоткон сокур саясаттын келечеги кейиштүү экенин ачык эле айтканыбыз оң. Ар бир нерсенин кайтарымы болот. Ошол келиндер Кудай өмүр берсе байбиче курагына келет. Ошондо башында дөөлөтү жок, сыйдан калган, эл-журттан чыккан жек көрүндү кары кемпирге айланып калат деп корком. Алардын кесири өз башына гана эмес, бүтүндөй айылга тийет. "Жакшынын шарапаты, жамандын кесепети" дейт. Кудай элибизди ошондой жамандардын кесепетинен сактасын!

Коомдогу дагы бир натуура көрүнүш - бул жаш жигиттердин бейадептиги, улууларды көзгө илбей, тескери жорук – жосундарды жасап, өз билгениндей шарактап жүрүшү. Ошондой эле жаштардын, айрыкча окуучу балдардын арасына криминалдык чөйрөнүн идеологиясынын сиңип кетиши, алардын күнүмдүк жашоосу, өз ара мамилеси ошол чөйрөнүн жазылбаган "мыйзамдарына" ылайыкташып жатканы.

Мектептердеги "рекет" темасы мамлекеттик деңгээлде талкуулана турган маселеге айланып калганы да абдан өкүнүчтүү. Топтошуп алып күчтүүсү күчсүзүнө, алдуусу алсызына кыр көрсөтүп, аларга алым салып, салык салып, төмөнкү класстардан жогорку класстагыларга карата жыйылган акчага ичимдик ичип, баңгизат чегип, өз жаш курактарына ылайыксыз жайларга барып таң атырып жүрүү кандайдыр бир эрдиктин, кыйындыктын, тыңдыктын үлгүсү катары болуп

бара жатканы өтө кейиштүү көрүнүш. Сыртынан билинбеген менен бул көрүнүш да бир топ эле терең тамыр жайып кетти. Муну айла жок моюнга алуубуз керек.

Мына ушундай бейадептикте өсүшкөн жаштар ар кандай саясий күчтөрдүн берген акча-каражаттарына кызыгып, саясий маселелерге түшүнүп-түшүнбөсө да аралашып, ар кандай митинг же башка акциялардын катышуучуларынын агрессивдүү бөлүгүн түзүп жатканын да көрүп турабыз. Жаштардын мындай топторунун көбөйүшү бара-бара коомдо өтө коркунучтуу кыймылдарды, кандуу кагылыштарды жаратаары да бышык эле иш.

Албетте, мындай көрүнүштүн объективдүү себеби-айыл жана шаарлардагы социалдык жана экономикалык көйгөйлөр, жумушсуздук, спорт жана маданий жайлардын тартыштыгы. Бирок, ошону менен катар эле, мындай терс көрүнүштөргө эл ичиндеги нарктын жок болуп баратканы, коомдогу улуу менен кичүүнүн орду жоголуп, аралашып, ыйман жоголуп, тарбия-таалимдин жетишсиз болгону да себепкер. Биз бул жагдай жөнүндө да ачык айтуубуз абзел.

Ошондой эле, азыр айылдарда мектеп окуучуларынын “отурушу” же шерине катары тамак ичип, ойноп-күлүп таң атканча шапар тээп жатышканы да жакшы көрүнүш эмес. Башка жагын айтпаганда деле бул ата-энелер үчүн акча-тыйын жагынан бир топ эле ашыкча жүк, ашыкча чыгым. Мисалы, бир класста 30 бала окуса, бир жыл ичинде

отуз “отуруш“ болот. Ар бир “отуруш” бери дегенде 10 миң сом чыгымды талап кылат. Мейли ошол 10 миң сом кетти деп эсептегенде деле окуу жылы ичинде бир класстын эле балдары 300 миң сом жок кылып жатышпайбы. Мына ушунун ордуна ата-энелер ошол эле акчага мектептин китепканасына китеп алып берип коюшса, компьютер же дагы башка керектүү окуу куралын сатып беришсе, балдардын билим алуусуна бир топ эле жакшы өбөлгө түзүлмөк, жылдан жылга мектептин окуу базасы чыңдалып жүрүп отурмак. Ушул жагын да жакшы ойлонсок.

Өсөбүз-өнөбүз десек жашка жаштай, карыга карыдай мамиле боло турган элдик наркыбызды калыбына келтирүү керек. Өлкөнүн келечегине, өсүп-өнүшүнө аксакалдар менен байбичелердин нарктуулугу, жаштардын сезимтал-сергектиги, эмгекчилдиги, орто курактагылардын жигердүүлүгү, мээнеткечтиги, камбылдыгы гана өбөлгө боло алат.

Улуу-кичүү ортосунда жаш курагына карата өз ара сый мамиле, ыйба кылуу, ызаттоо, урматтоо үй-бүлө ичинде гана эмес, бүтүндөй айыл ортосунда да ынтымак-ырашкерликти жаратары талашсыз.

## ТУРУКТУУ ЖАМААТТАР – ОНДУКТАРДЫН ӨЗ АЛДЫНЧА ТҮЗҮЛҮШ НЕГИЗДЕРИ

Айыл, шаарларда өз алдынча башкаруунун нукура элдик принциптери орношу үчүн биз биринчи кезекте ондук-жамааттарга (туугандык жана кошуналык негизде түзүлгөн жамааттарга)

негизделген өз алдынча түзүлүш (самоорганизация) жана өз алдынча башкаруу (самоуправление) тартибин калыптандырышыбыз керек. Айыл же шаар коомдоштугунун бекемдиги аны түзүп турган ондуктардын ички ынтымагына түздөн - түз көз каранды. Ондук-жамааттарда ынтымак бар болсо жалпы айылдын же шаардын жамаатында да ынтымак болот, көйгөйлөрдү чечүүдө биримдик болот.

Бир ата уулу болгон туугандык ондук-жамаат ондон кем эмес түтүндү камтыйт. Ондуктагы түтүндүн саны отуздан ашып, кыркка жетип калганда ылайыгына жараша эки ондукка бөлүнүшү ылайыктуу. Ал эми кошуналык иретте түзүлгөн ондук-жамааттардагы түтүндүн саны да отуздан ашпагандай кылып уюшулганы жакшы. Бул сан ынтымакты, ички биримдикти камсыз кылууга оңтойлуу.

Ар бир ондукка кирген үй-бүлөлөр чогулуп ич ара кеңешип, бирөөнү онбашы шайлашы керек. Ошол онбашы ондуктун ички маселелерин чечүүнү уюштуруп, жамандык – жакшылык же башка ынтымак иштеринде жетекчилик кылат. Ондуктун башында орто жаштагы, өз оокатына тың, тууган же кошуналар ичинде сөзү өтүмдүү адамдын турганы максатка ылайыктуу. Анткени бул курактагы эр киши акыл-эси толуп, токтолуп, турмуш тажрыйбасына ээ болуп, өз кожолугунда да, тууган арасында да жигердүү кызмат кылууга даяр болот.

Азыр көпчүлүк учурда туугандардан турган ондуктун башчысы катары айыл ынтымагына ылайык (көбүнчө жамандыкта) акча жыйноо үчүн гана илбериңки бирөөн шайлап коюп жүрүшөт. Бул туура эмес. Анткени, бир ата тукумуна онбашы болуу деген ошол тукумдун милдетин моюнга алуу, тууган ичиндеги жамандыкты да, жакшылыкты да чыдамкайлык менен көтөрүү, ар бир түтүндүн, ар бир адамдын көйгөйүн билүү, жардамга муктаждарына көмөк көрсөтүү, көтөрмөлөө, ички ынтымакты чыңдоо, болор-болбос ыйкы-тыйкыдан улам тууган арасын ыдыратуудан сактоо, бардыгына тең, калыс, адилет мамиле кылуу дегенди туюндурат.

Онбашы бир ата уулунун өкүлү катары же бир көчөдө же кварталда турган кошуналардын өкүлү катары ошол ондуктун атынан сөз айтууга акылуу, ошол тукумдун же жамааттын намысын коргоого милдеттүү. Ошондуктан онбашы болуп шайланган адам оозунда сөзү, колунда иши бар, өзүнө гана эмес, ондук-жамаат үчүн да жооп бере ала турган адам болушу максатка ылайык деп айтып жатканымдын себеби да ошол.

Ондук ичиндеги ынтымактын өзөгү - кеңеш, тиреги – калыстык, мазмууну – өз ара жардам. "Кеңешип кескен бармак оорубайт" дейт. Ынтымак төрт адамдын колунда. Бирөө – онбашы, экинчиси – ондуктун аксакалы, үчүнчүсү – ондуктун аялдарынын топбашчысы, төртүнчүсү – ондуктун жаштарынын топбашчысы. Эгерде онбашы, аксакал, топбашы аял менен топбашы жигит бир жакадан

баш, бир женден кол чыгарып, болгон ишти кеңешип, калыстык менен чечип турушса, тууган же кошуналар ичиндеги ынтымак бузулбайт, айылдын тентеги да, жөнтөгү да моюн сунат, тартиптен чыкпайт.

## ТУУГАН ТУУРДУК ЭМЕС...

Китепти окуй баштаган адам:

-Алыс тууган эмес бир карындан чыккан бир тууганлардын ортосунда дагы алака жок болуп, ар ким өз көмөчүнө күл тартып турган заманда жалпы элдин ынтымагы жөнүндө кантип кеп кылууга болот? Туугандарды, кошуналарды бир ыкка көндүрүп, бир эрежеге салуу мүмкүн эмес. Бул демилге куру кыял - деп айтышы да ыктымал.

Ооба, мындай деп айтышка да толук негиз бар, жүйөө бар, аны моюнга алуу керек. Ар кимде тууган бар. Тууган арасындагы мамиледе, карым-катышта телегейи тегиз киши жок. Өз ара таарыныч, түшүнбөстүктөр, атаандаштык, ичи тардык сымал көрүнүштөр тууган ичинде көп эле кезигет. Ачыгын айтсак бул жагдайда бири бирибизден жаап жашыра турган эч нерсе жок.

Бул китепте айтылган ойлор, сунуштар учурда Ысык-Көл районунун Чоктал айылында өмүр кечирип жатышкан менин өз туугандарымдын ортосунда мамиле мизилдеп, тептегиз болгонунан айтылып жаткан жок. Тескерисинче, туугандарымдын ортосундагы түшүнбөстүктөрдү, өз ара өйдө-ылдый ма-

милелерди көрүп турганымдан, убакыт өткөн сайын ондук-жамааттын ичиндеги, жалпы айыл ичиндеги ынтымактын солгундап бара жатышынан улам пайда болду десем чындыкка жакын болот.

Ачык айтуу керек, өз туугандарыңа дагы оюңдагынын баарын толук айта албайсың, беш кол тең эмес, сөздү да ар ким ар кандай кабыл алат. Анын үстүнө күндө аралашып жашабагандан кийин, көбүн эсе өзүм сыртта жүрүп, жамандык-жакшылыкта гана жүз көрүшүп тургандан улам көп нерсени ичинде сактап, сый мамиле кармоого туура келет экен. Бирок, Кудайга шүгүр, жамандык-жакшылыкта тууган ичинде азырынча ынтымак жакшы эле, биздин Ормоке уулу ондук жамаатынын ичинде ар ким тууган катары өз милдетин билет, кандай шарт, кандай мезгил болбосун тикеден-тике туруп кызмат кылуу али бузула элек эреже. Ушундай эле ички ынтымак башка ондук-жамааттарда деле бар. Бирок, бул китепте башкы сөз ондук жамаат ичиндеги эле жамандык-жакшылыктагы катыш жөнүндө болгон жок, урматтуу замандаш. Сөз күнүмдүк жашоодо дагы, өз ара мамиледе дагы нукура элдик нарктын нугундагы эрежелерди, жамааттык кызыкчылыктарды коргоо, өз ара уюшуу жана өз ара жардамдашуу негиздерин калыптандыруу өңүтүндө болуп жатат. Ондук-жамааттарды өзөк кылып алуу менен айыл ичиндеги, шаар ичиндеги коомдук түзүмдү бекемдөө, нукура жергиликтүү жамааттарды түзүү, бардык жерде толук кандуу элдик өз алдынча башкарууну калыптандырууну максат кы-

лып койдук. Ар бир айылда, конушта, шаарда Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана мыйзамдарында көрсөтүлгөндөй тартиптеги жергиликтүү өз алдынча башкаруу бийлиги калыптанганда гана биз мамлекеттик түзүлүштүн бекемдиги, аймактык өнүгүүнүн туруктуулугу жөнүндө сөз кыла алабыз.

Тууган ичиндеги ынтымак бул өтө назик, сезимтал маселе. Тең туугандар гана эмес, бир туугандардын ортосунда деле турмуштун ар кандай кырдаалына жараша ыйкы-тыйкы болуу, кер-мур айтылып калуу кадыресе эле көрүнүш экенин айттык.

Мен жогоруда кеп кылган Кичи Акенин (Мамбетокто аванын) айтканы бар: -"Тууганыңды бир тогуз айыптан куткарып алгандан көрө, айыпка жыгылып, төлөмөр болуп турганда бир тай берсең көзүнө көрүнөт" - деп. Калети жок сөз. Тууган ортосундагы өз ара мамиленин философиясы десек да болот. Чынында эле тогуз жылкы айыптан кутулган тууганың аны эсепке албайт, тууганым тогуз баш жылкы берди деп эсептебейт, тескерисинче "эмнеси бар экен, ооздун жели да" деп кол шилтеп койот. Бул жагдай көп эле адамга тааныш. Ондогон мисалдарды келтирип, туугандарына наарazы болуп, агынан жарылып айтып берип жаткан далай кишини көргөм, далай окуя жөнүндө уккам.

Чынын айтсак бирөөнө жардам кылсаң, колдоо көрсөтсөң, кыйрымдуулук кылсаң ал сага эмес, тескерисинче сен ага милдеткор болуп калат экенсиң. Ал киши сага эмес, сен ага көз каранды болуп калат

экенсиң. Көрсө бир-эки жолу жакшылык кылган кишиге өмүр бою жакшылык кылуу милдети моюнга жүктөлөт экен. Токсон тогуз жолу жакшылыгыңды көргөн кишиге жүзүнчү жолу жардам бере албай калсаң ал сага нааразы болот, сөгөт, жетпеген жериңе жеткире жамандайт, мурдагы кайырыңды бүтүндөй чайырга айлантат. Бул да турмуш чындыгы. Айрыкча жакын тууган арасындагы мамиледе мындай көрүнүш да кеңири тараган. Муну да моюнубузга алышыбыз керек.

Биз бул жерде сөз кылып жаткан Ынтымак өзөгү колунда бар адамды колунда жогун багууга милдеттендирбейт. Ар ким өз мээнети, таман акы, маңдай тери менен оокат кылууга тийиш. Чынында эле “бир үйдүн жарыгы бир үйгө тийбейт”, “тууган туурдук эмес, күндө жамынып отургандай” деп туура айтылган, туугандыкы бир жакшылыкта, бир жамандыкта. Ошондой болсо дагы нукура Ынтымак алдуусу алсызына, оокаттуусу жардысына жөлөк болуп, тирденип жашап кетишине өбөлгө түзүү үчүн, “жабыла көтөргөн жүк жеңил” демекчи, бул жашоодогу ар-кандай чукул кырдаалдардан жамааттащып, жармакташып чыгуу үчүн керек.

Ынтымак өзөгү жогоруда айтылып жаткан, мисал катары көрсөтүлүп жаткан тууган арасындагы өйдөылдый мамилеге да чыдамкайлык кылууну, көтөрүүнү талап кылат экен. Илгертеден эле айтылып келе жатпайбы: “Тууган жокту көтөрө албайт, барды көрө албайт” деп. “Этимди көргөн аялыма баркым жок, бетимди көргөн тууганыма баркым

жок" деген накыл сөз деле бекер жерден айтылбаса керек. Ким болсун, кандай кыйын адам болсо дагы телегейи тегиз болуп, бардык туугандары ыраазы болуп ага алкыш айтып турган киши жок. Бири ыразы болсо, бири наареазы. Колунда бар тууганын башка туугандары таба кылып: "эмне ага жок бекен, берип койбойбу, төлөп койбойбу, кемип калмак беле" - деп айтып турганын да ар кимибиз далай эле укканбыз. Бул да турмуш чындыгы.

Бирок жогоруда айтылгандай, кандай адам болсо дагы бары бир тууганга муктаж, тууган ортосундагы жылуу мамилеге муктаж. Бул да турмуш акыйкатыгы. Ошол себептен, утурумдук майда барат нерселер үчүн араздашууну тереңдетпей, батыш элдери сымал тууган - тууганынын, кошуна - кошунанын үйүнө таптакыр кирип-чыгышпай, а түгүл таанышпай калган ахвалга жетип калбаш үчүн, туугандык иретте, кошуналык иретте ынтымакташып, жашоонун наркын сактоо жолун табалы. "Эсиң барда этегиңди жап" дейт. Ынтымак өзөгүн кармап калуу үчүн эмне кылуу керек, кандай эрежени кармануу керек? - деген суроого жооп издейли. Сөздүн төркүнү ушул жакта.

## КАЙЫРМА–АРЫК ТАЖЫРЫЙБАСЫ ЖӨНҮНДӨ

Ондуктарга негизделген жамааттташуу идеясы азыр эле чыга калган жок. 2007-2008-жылдары да бул ойду көтөргөн элем. Ошол кезде "Акыл Ордо" коомдук уюмун түзүп, жети Аке осуяттарына таянуу

менен айыл- айылдарда бий шайлоо ишин баштоону максат кылып, Алмакүчүков Өкмөтбек, Абдылдаев Таалайбек үчөөбүз бир топ эле аракет жасаганбыз, аттуу-баштуу кишилерди чакырып атайын жыйындарды өткөргөнбүз. Бирок, ошол кезде Каркыра маселеси көтөрүлүп, ал маселе абдан саясатташып калган. Биз да "Акыл Ордо" коомдук уюмунун атынан бул маселеге карата кайдыгер калбай, аралашып, Каракол шаарында, Түп айылында, Чоктал айылында жайгашкан "Роял Бич" пансионатында атайын коомдук талкууларды уюштурган элек. Ал жыйындарда Каркыра жайлоосундагы талаш жер тилкесин Казакстанга бербөө жөнүндө өз оюбузду ачык айтып чыкканбыз.

Ошол кезде Таалайбек экөөбүз жазган "Жети Аке феномени – элдик нарктын туу чокусу" деген китепчени, Акеш Иманов агай жазган "Мойт Аке, Сарт Аке жана Тилекмат чечен" деген көлөмдүү китепти басмадан чыгарып, элге таратууга жетиштик. Биздин демилге эл ичинде кеңири колдоого алына баштады. Ошондон улам бийлик тарабынан кысым күчөп, мага карата жасалма түрдө кылмыш иши козголуп, 2008-2009- жылдары тергөө, сот менен алек болууга туура келди. "Ак ийилип сынбайт" демекчи, мени сот жоопкерчилигине тартып, түрмөгө камап жиберүү Бакиевдердин колунан келген жок.

Ал жылдары "Улуу Биримдик" улутчул-демократиялык партиясынын лидери катары бардык оппозициялык партиялардын башын кошуп турган

Бириккен Элдик Кыймылдын (БЭК) саясий бюросунун мүчөсү, анын Секретариатынын жетекчиси элем. Саясий кырдаал курчуганына байланыштуу бардык күч аракет БЭКтин ишин уюштурууга, Бакиевдердин кандуу режими менен ачык күрөшүүгө жумшалып, "Акыл Ордо" коомунун ишин тарта албай калдым. Анын үстүнө шериктерим Өкмөтбек менен Таалайбек менден оолактап кетишти. Ошентип, "Акыл Ордонун" иши токтоп калды. Ал коомдун ишинин токтошу менен Ак-Суу районунун Кайырма-Арык айылында биз баштаган жааматташтыруу иши да токтоду. Мен ошол кыска мөөнөттөгү тажырыйба жөнүндө кыскача айта кетейин.

"Акыл Ордо" коому боюнча шеригим Абдылдаев Таалайбек өзү журналист, туулуп - өскөн жери Ак-Суу районунун Кайырма-Арык айылы. 2006-2007-жылдары Акелердин осуятын кайра көтөрүү, замандын шарына ылайык азыркы улуу инсандардан да Аке шайлоо, тээ илгерки замандагыдай эле ошол "жаңы" Акелердин акылын угуп, бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып жашоо ыңгайына өтүү ойлорун айтып, ошол идеяны жайылтуу аракетин кылып жүргөн.

Айтылуу жети Акенин таалимин жыйнап, иреттештирүүнү, алардын философиясын кайра жандантууну мен да бир топ жылдан бери ойлоп жүргөндүктөн биз пикирлеш болуп, чогуу жүрүп калдык. Бирок, мен ачыгын эле айттым - азыр Аке деп бирөөнүн башын чыгарып дайындап алууга

ыңгайлуу кырдаал жок деп. Анткени ал күндөрү деле, мына андан бери беш-алты жыл өткөнү менен азыркы күндөрү деле, Аке деп бир кишинин акылына муюп, айткан сөздөрүнө уюп кала тургандай шарт жок. Коом андай түзүлүштөн четтеп кеткен, азыр киши кишини тааныбайт, сыйлабайт, биринен бири кыйын болуп турган учур. Кимдин ысымын атаба "койчу ошону" деген киши табылат.

Ошентип, менин сунушум боюнча Акелердин таалимин кайрадан коомдук аң-сезимде ойготууну, кылымдан кылымга элди эл кылып сактап келе жаткан коомдук түзүлүшкө кайра өтүүнү ар бир айылды жамаатташтыруудан, ар бир айылда коомдук кеңештерди түзүүдөн, ал кеңештердин төрагасы катары Бийлерди шайлоону уюштуруудан баштоону чечкен элек. Ар бир ондук-жамааттын ичинде, айыл же шаар ичинде, акыры барып бүтүндөй облус ичинде биримдик, ынтымак болбосо жети Акенин даанышман ойлорун жайылтуу, ошол мезгилдегидей аттуу-баштуу эл болуу мүмкүн эмес эле. Ошондон кийин Таалайбектин демилгеси менен ишти Кайырма-Арык айылынан баштоону чечкенбиз. Айыл ичиндеги уюштуруу иштерин ал өз моюнуна алган.

2008-жылдын май айы ичинде Таалайбек алдын ала ар бир ондук - жамаат менен жолугуп, онбашылар менен кеңешип, айылдагы башка дагы аттуу-баштуу кишилер менен акылдашып, айрыкча мектептин эмгек жамаатына таянуу менен бир топ иштерди алдыга жылдырып, айыл ичинде Курултай

өткөрүү даярдыгын бүткөрө алды. Жергиликтүү бийликтин башында турган Ак-Суу районунун ошол кездеги акими Тынчтык Чекиев да колдоо көрсөттү, уюштуруу иштерине тоскоол болгон жок. Муну акыйкаттык үчүн айтышыбыз керек. Биз айыл өкмөтү, айыл башы менен тыгыз иштеп жаттык.

2008-жылдын 19-июнунда Кыргызстандын соңку жаңы тарыхында революциялык окуя болду, айыл ичиндеги 13 ондук-жамааттын сунушу менен айылдын имамы Садырбек айылдын бийи болуп шайланды, Айылдык өнүгүү фондусу түзүлдү. Курултайдын катышуучулары тарабынан чакан марафон өткөрүлүп, өнүгүү фондусуна каражат да жыйналды. Бул окуяга сырттан келген эксперт катары саясат таануучу Элмира Ногойбаева да катышкан эле. Ал айыл ичиндеги болуп өткөн социалдык мобилизация кыймылына абдан жогору баа берип, андан кийин да массалык-маалымат каражаттарына Кайырма-Арык тажырыйбасы боюнча оң пикирлерин көп эле айтып келе жатат.

Ооба, Кайырма-Арык тажырыйбасы ийгиликтүү болду. Ошондо биздин үмүт абдан чоң эле, айылдарды жамаатташтырууну жана бий шайлоону бардык айылдарга, андан ары башка аймактарга таркатууну пландап калганбыз.

Биз баштаган иш боюнча Казакстандын интернет барактарына да жакшы пикир жарыя кылынды, Шукенов Абдан деген журналист “Бий институтун калыбына келтирүү ишинде Ысык-Көл облусу пионер болду” деп жазып чыкты. Казактардын

биздин тажырыйбага кызыккан себеби - акыркы жылдарда казак элинин өз алдынча башкаруу системасындагы нарктуу институт катары өткөн кылымдардагы бийлердин иши катуу изилдөөгө алынып, сот адилеттигин аткаруудагы бийдин ролу жана тажрыйбасы жөнүндө атайын илимий конференцияларды өткөрүп, илимий макалалардын 10 томдук жыйнагын да чыгарууга жетишишкен. Бизде, тилекке каршы, азырынча мындай илимий жигердүүлүк жок.

Ошентип ишибиз жакшы башталып, үмүтүбүз жанып турган кезде атайын уюшулган соккуга кабылдык. Биздин кыргызстандык серепчи Марс Сариев "акыр аягы барып бул иш жер - жерлерде кош бийлик жаратат" деген кооптонуусун айтып чыкты. Аны Токмок шаарынын бир топ тургундары колдоп, "Каптагаевдин бул демилгесин кан буугандай токтотпосо, мамлекетке коркунуч туулат" деп "Кыргыз Туусу" гезитине аксакалдардын атынан Кайрылуу жарыя кылып жиберишти. Ошондон кийин ансыз деле куугунтукта жүргөн Каптагаевди "элге жолуктурбагыла, айылдарда жыйын өткөртпөгүлө" деген буйрук болду. Билишип, көрүшүп жүргөн акимдерди, айыл өкмөт башчыларын оңтойсуз ахвалга калтырбоо, аларды жогорку бийликтин кысымына тушуктуруп кыйнабоо үчүн ишти токтотууга туура келди.

Ал учурда замандын түрү башка эле, бийлик кандуу жолго түшүп, каршылаштарын атып өлтүрүп же камап жаткан болучу. Көгөрүп эле эл ичинде

ишибизди уланта бергенибизде иш тескерисине айланмак, алакандай элди бириктирмек тургай кайра экиге бөлүп алат элек. Ошол эле Каркыраны талашып келген саясий жүрүш эмне менен бүттү? Бирибизди бирибизге тукуруп, жалданып барган ОБОНдор жумуртка ыргытышып, Ысык-Көл эли жумурай журтка уят болбодук беле.

Андан бери беш жылдан ашуун мезгил өттү. Азыр заман өзгөрдү, коом өзгөрүп жатат. 2010-жылдагы 7-апрель Элдик революциясы коомдук түзүлүштү элдин эркине ылайык өзгөртүү мүмкүнчүлүгүн алып келди. Адам укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылууга, саясий маселелерди саясий жол менен эле чечүүгө толук шарт түзүлдү. Ошондуктан аймактык биримдикти, айыл ичиндеги ынтымакты чыңдоого, коомдук түзүлүштү өзүнүн табигый негизинде кайра түзүп чыгууга мезгил жетти деп ойлойм.

## ТУРГАЗЫ АЖЫ МЕНЕН МУКАЛАЙ АВАНЫН АРАКЕТТЕРИ

2013-жылдын 26-июнунда Өкмөттүн Ысык-Көл облусундагы толук ыйгарым укуктуу өкүлү болуп дайындалдым. Ошондон бир аз убакыт өтпөй мага Балбай айылынын тургуну, аксакал киши Бекенбаев Тургазы ажы келип калды, жанында дагы үч-төрт адам бар. Келген максаты мага 2010-жылдагы Элдик революциядан кийин айыл жеринде элдик башкарууну, жергиликтүү бийлик органдарынын ишине коомдук көзөмөл жүргүзүү багытындагы өздөрүнүн демилгеси менен аткарган иштерин

тааныштыруу экенин айтып, колго тартылып жасалган бир топ таблица-плакаттарын көрсөттү. Көрсө Тургазы ажы көп жылдан бери айыл ичиндеги өз алдынча уюшуу жана башкарууда туруктуу жамааттар – тууганды к иретинде түзүлгөн ондуктарга таянып иш алып баруу керектигин айтып, үгүттөп келе жатыптыр. Ал аксакал 2010-жылы Президент Роза Отунбаева чыгарган бийлик органдарына коомдук көзөмөл орнотуу жөнүндө указына таянып иш алып барган экен.

Абдан сүйүндүм. Ыраазычылык билдирип, бул багытта менде да бир топ ой бар экендигин, жакын арада өзүм таап ала турганымды айтып, бул темада кеңири сүйлөшөбүз деп узаттым.

Андан көп убакыт өтпөй эле Кызыл-Суу айылынын тургуну Мойноков Мукалай деген адам келди, жанында бир топ киши бар. Алар "Адилет, кайрымдуулук" коомунун мүчөлөрү экен. Мукалай ава "Жаңылануу, тазалануу, тактыкка жана түздүккө өтүү жолдору" деген китепче жазып, басмадан чакан нускада чыгарган экен. Мага өз колу менен каалоо-тилегин жазып, китепчесин белек кылды.

Китепченин биринчи бетинде: *"Кыргыз Республикасынын Президентине, эл үчүн жаны күйгөн кыргыздын жетекчилерине, коомдук ишмерлерине, ойчулдарына, ниети таза адамдарына кайрылабыз. Көптөгөн уйкусуз ойго түйшөлгөн түндөр, окулуп, тарыхый талдалган сан китептер, такталып, иликтелген турмуштук шарттар, көптөгөн адамдар катышып өз салымын кошкон*

*төмөндөгүдөй эмгек жаралды, назар салышыңыздарды өтүнүп, сунуштайбыз"* – деп жазылыптыр. Абдан кызыгып калдым, бат эле барактап окуп чыктым. Китепчеде күнүмдүк турмуш көйгөйлөрү, алардын кесепеттери, аларды жоюунун жолдору боюнча Мукалай аванын ой-пикирлери, байкоолору, сунуштары камтылган. Айрыкча бийлик органдарынын таза иштешине жетишүү, коррупцияны жоюу, коомду тазалоонун негизги аспабы катары коомдук кеңештерди түзүү маселелерине кеңири орун берилген.

Андан кийин дагы Мукалай ава менен атайын Кызыл-Сууга барып жолуктум, ал киши жазган ойлор, сунуштар боюнча пикир алыштык. Ал киши сунуштап жаткан "элдин өзүн-өзү тазалоо жолдору" мени абдан кызыктырды, мен ойлоп жүргөн ойлор менен үндөш экендигине ынандым.

Мукалай ава Кызыл-Суу айылында коомдук кеңеш түзүү аракети болгонун, тез эле оң натыйжалар чыкканын, чогулуштар өтүп, кемчиликтер талкууланып, атайын түзүлгөн протоколдордун негизинде жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнө, укук коргоо органдарына, айыл тургундарына карата талаптар коюлуп, алардын 80 пайызынын аткарылышына жетишкендиктерин айтып берди. *"Биз жөнөкөй, бирок турмуштук бай тажрыйбабыз бар кары адамдарбыз. Турмуштук кемчиликтерди, коррупциялык кыянаттыктарды башыбыздан өткөрүп жашап келдик. Эл катары чыдап жашай берсек деле болот эле, бирок элдин*

Андан кийин ошол эле 3-ноябрь күнү Чолпон-Ата шаарында, 7-ноябрь күнү Бөкөнбаев айылында, Балыкчы шаарында жолугушуулар болду. Чолпон-Атадагы талкууда Өрнөк айылынын тургуну Кыдыралиева Чынаранын айылдагы кошуналардан куралган жамааттар – Өз жардам топторунун иши жөнүндө айтып бергени, Тоң районундагы талкууда Мукашев Замир мырзанын демократияны туура эмес түшүнүп, ар ким оозуна келгенин сүйлөй берүүгө өтүп кетип жатканы, жоопкерчилик жок экендиги тууралу ой бөлүшкөнү, Балыкчыдагы талкууда шаардык Кеңештин депутаттары Кыдырмышева Зарылкан менен Ормукова Зарылкандын шаар ичиндеги өз алдынча башкаруу органдары болгон кварталдык комитеттердин ишин кайрадан уюштуруп чыгуу керек деген ойлору колдоого ээ болду.

Тургазы ажы менен Мукалай аванын бир топ жылдан берки демилгелүү аракеттери, жер-жерлердеги жамааттардын ынтымак тажырыйбалары, жогоруда айтылган район-шаарлардагы талкуулар ондук-жамааттардын ички ынтымагын бышыктоо, айылдык Ынтымак кеңештерин түзүү, ар бир айылда өнүгүү фондуларын уюштуруу иштерин жалпы талкууга алып чыгуу керек экендигин ырастап, ушул китепчени жазууга, бул жерде бардык ойлорду топтоого дем берди.

# ЖИГЕР ЖАШТАРДА, ДЕМИЛГЕ ЭЛДЕ

Кайырма-Арык демилгеси, Тургазы ажы менен Мукалай аванын аракеттери жөнүндө сөз болгондон кийин албетте жаштардын жигери, элдин демилгеси тууралу да айта кетпесек туура болбос.

Өткөн 2013-жылдын 3-октябрында "Ынтымак Форумун" жыйынтыктоого жана алдыдагы милдеттер тууралу ой бөлүшүү үчүн бардык район-шаарлардын өкүлдөрү катышкан жыйын өттү. Мына ошол жыйында Ак-Суу районунун Чолпон айылынын тургуну Тынымсеитов Мелис бир топ жыйынтыктуу ой айтып, сунуштарын берди. Мелис мырзанын маселени төмөн жактан баштап, айылдын элин көтөрүп, ар бир айылда Ынтымак кеңештерин, айылдык комитеттерин түзүү керек, айылда деле колунда бар адамдар көп, аларды тартуу менен айылдык өнүгүү фондулары түзүлүп, көпчүлүктүн колдоосу менен иштөө керек деген ойлору биздин максатка төп келип турат. Ошондой эле АкСуу райондук жаштар уюмунун мүчөсү Курманбаев Уландын, Түп районунун жаштар кеңешинин мүчөсү Ниязов Таалайбектин, Жети-Өгүз райондук жаштар коомунун жетекчиси Макеев Урматтын "карылардын акылы менен, жаштардын күчү менен" коомду өзгөртүүгө, жаштардын ортосундагы биримдикти чыңдоого, партия-партия болуп бөлүнгөндүн ордуна райондун, жалпы облустун өнүгүүсүн камсыз кылуучу аракеттерди жасоого үндөгөн сөздөрү жыйындын катышуучуларынын кубаттоосуна ээ болду. Бул жыйын-

дагы жаштардын жалындуу айткан сунуштары албетте мени да жигердентип, алдыга койгон максаттар жалпы колдоого ээ болот деген ишенимди арттырды. Бул жерде учурда "Ынтымак Ордо" коомдук фондусунун жооптуу катчысы Касымалиев Досубек мырзанын да демилгесин сөзсүз айта кетүүбүз керек. Мен Досубек менен мындан беш-алты жыл мурда, Апрель Элдик революциясына чейин таанышкан элем. Ал өзүнүн жигердүүлүгү менен, кандай кырдаал болсо дагы өз оюн так айта алганы, элди ынандыра сүйлөй алганы менен айырмаланган, кыргыз эли үчүн күйүп жанган инсан. Өзү Тоң районунун Кызыл-Туу айылынан. Бир тууган иниси Райым экөө мурдагы канкор бийликти кулатууга зор салым кошушту, "кан көөкөрдө, баш канжыгада" деп ажалга тике караган кыргыздын жигиттеринин катарында болушту. Бул тема өзүнчө узак сөз, кези келгенде айтылар.

Былтыркы Жети-Өгүздөгү май айындагы "Кумтөр" маселесине байланышкан тополоңдон кийин облус ичиндеги абал курчуп турган учурда Досубек мырза өз демилгеси менен айылдарды кыдырып, жаштарга жолугуп, аларды биримдикке чакырып, жалпы Ынтымак курултайын өткөрүү идеясын айтып чыкты. Август айында өткөн "Ынтымак Форумунун" чакырылышына Досубектин демилгеси дагы түрткүнчүк болду деп айтсак болот. Мына ушул ынтымак маселесин талкуулап жатканда ал Тоң районундагы Шор-Булак айылында жашап жаткан өз тууандарынын тажырыйбасы тууралу төмөнкү

окуяны айтып калды. “Шор-Булак айылында жашаган жеңебиз кайтыш болду деп кабар угуп, жакын туугандар шашылыш жыйналып, камыбызды көрүп алып жетип барсак короо-жай таза, боз үй тигилген, боорсок бышкан, дасторкон жайылган, соют даяр, иши кылып маркумду узатуу зыйнатына даярдык толук бүтүп калыптыр, кандай болуп кетти, эжебиздин деле оокаты анчейин эле ” – деп таң калдык дейт Досубек. Көрсө ал айылда ар жактан келип жашап калган 14 үй-бүлө биригип бир ынтымак түзүп алышыптыр, ар кимиси ар башка уруудан, бири казак элинен. Кошуналык иретте куралган ондук жамаат экен. Жамандык-жакшылыкта бир болуп, биринин түйшүгүн бири түшүнүп, бир жамаат болуп калгандыктан жанагыдай өлүк камы толук көрүлгөн тура. Бул мисал деле жогоруда айтылып жаткан ойду ырастайт, кандай болгон күндө дагы биз жамаатташып жашоого, туугандардын, кошуналардын колдоосуна муктаж экенибизди дагы бир жолу тастыктайт.

Бул китеп басмага даяр болуп калган маалда, үстүбүздөгү 2014-жылдын 15-февралында дагы бир жүрөк жылытар окуя болуп өттү. Ысык-Көл районунун “Садыр Аке” айыл округунун “Кычан” жаштар уюмун жетектеп турушкан Эрлан Раимбеков, Кубаныч Исмаилов, Азамат Букараевдердин демилгеси менен Семеновка жана Кожояр айылдарынын Ынтымак жыйыны болду. Жыйынга айылдык кеңештин депутаттары, аксакалдар, мугалимдер, жаштар, ошондой эле профессор Мамбет Намазбеков баш болгон Бишкек шаарында жашашкан айылдаштар,

Жогорку Кеңештин вице-спикери Асия Сасыкбаева, СДПК фракциясынын жетекчиси Чыныбай Турсунбеков, депутат Максат Сабиров, райондун акими Раимбек Имангазиевдер катышышты.

"Кычан" жаштар уюму акыркы жылдарда айылды өнүктүрүү демилгесин колго алып, токой чарбадан Чоң-Ак-Суу капчыгайын арендага алып, ал жердеги тазалыктын сакталышына көз салып, келген туристтерге ар кандай кызмат көрсөтүүнү уюштуруу иштери менен алек болуп келе жатышат. Натыйжа жаман эмес. Мына ушул уюмдун жаштары демилге кылып уюштурган жыйында сөздүн учугу негизинен бул китепте көтөрүлүп жаткан ынтымак, биримдик, айылдын өнүгүүсү, жаштардын тарбиясы, билим алуусу сыяктуу көйгөйлүү маселелердин тегерегинде болду. Ал жерде айткан сөзүмдө "биз бир топ айдан бери ишти кандай баштайбыз, кантип уюштурабыз, кандайча актив топтойбуз деген суроолор менен алпурушуп жүрсөк, Садыр Аке айыл өкмөтүнүн жаштары практика жүзүндө бизге көрсөтүп жатышат, көрсө жер жерлерде деле элдин санаасы, ойтилеги бир экен, ар бир айылдагы жамааттардын умтулганы деле ынтымак экен" – деп айттым, Эрландарга ыраазычылык билдирдим.

Чынында улуу жүрүштөрдө, чоң иштерде жигер жаштарда, демилге элде болгондо гана ийгилик болот. Бул жерде мисал катары келтирилген окуялар башка жерлерде деле бар экендигинде, башка айылдарда дагы үлгү болоорлук иштер арбын экендигинде күмөн жок.

# УРУУЛУК ТҮЗҮЛҮШ ЖАНА КЫРГЫЗ ЭЛИНИН БИРИМДИГИ

Ушул жерде айта кетүүчү дагы бир маанилүү маселе бар – бул кыргыз элинин уруулук түзүмү жөнүндө. Миңдеген жылдар бою кыргызды кыргыз кылып сактап келген өзөк – бул уруулук түзүлүш болгону чындык. Жоокерчилик көчмөн заманда Кыргыз мамлекеттик түзүлүшү да урууларга, алардын ортосундагы карым-катышка негизделген. Мамлекет түзүү деген уруулардын башын атап, алардын тизмесин түзүү, башчыларын жана тууларын аныктоо, конуштарын жана жайыттарын тактоо, сырткы жоодон коргонуу жана ички тартипти сактоо эрежелерин орнотуу болгон. Чыңгызхан деле өз империясын ушундай тартипте түзгөн. Көчмөн негизде түзүлгөн акыркы Кыргыз хандыгы Тагай бийге жана анын бир туугандары Адигине менен Наалы эжеге байланыштуу болгондуктан, кыргыз элинин санжырасы келип эле ошол кезде аныкталган уруу түзүлүшүнө барып такалат. Тагай бийден бери беш кылым убакыт ичинде кыргыз уруу биримдиги кайрадан түзүлгөн эмес, ошол мезгилде аныкталган Оң канат, Сол канат, Ичкилик болуп эмдигиче сакталып келе жатат. Ошондой эле, ал канаттарга кирген уруулардын аталыштары да өзгөргөн жок.

Акыркы жылдарда кыргыз элинин ушул ири үч топко бөлүнүшүн, ал топторго кирген урууларды жалпы улуттук биримдикке негиз кылып алуу сунушу айтылып, бул багытта бир топ иштер жүрүп

жатат. Атүгүл уруулук бөлүнүштү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу системасына кошуу, ар бир канаттан өкүл шайлап, ошол өкүлдөр мамлекеттик башкы бийликти аткаруусу керек деген сунуштар да айтылды. Азыр ар бир уруунун өз алдынча уюмдары да, алардын жетекчилери да бар. Ачыгын эле айтуу керек – мындай уюмдар формалдуу түрдө эле түзүлүп, беш-он киши чогулуп жетекчилерин шайлап алышкан. Ошол адамдар азыр уруулардын атынан сөз айтып, ар кандай жыйындарды өткөрүп жүрүшөт. Жалпы Бугу эли жыйылып уруу башчысын шайлаган эмес, жалпы Саяк, жалпы Сарыбагыш элдери чогулуп уруу башчысын шайлаган эмес. Башка урууларда деле ушундай болгон. Уруулардын жыйындарын өткөрүү тартиби да, уруу башчы шайлоо эрежеси да жок. Азыр тигил же бул уруунун башчысы ким деп карапайым кишилерден сурасаңар эч ким деле билбейт. Ал эми муну уккан кай бир кишилер: “Аны ким шайлаптыр, биздин урууга башчы болгуча өзүнүн оокатын тыңдап алсынчы” деп, кадимкидей эле туталанат.

Мен айтат элем – жети атасын билүү, уруусун билүү, санжыраны үйрөнүү биздин улуттук маданияттын белгиси катары эле калганы дурус. Ар ким ата-тегин билүүсү керек. Бирок, ошол уруулук түзүмдөрдү саясатка аралаштыруу, уруулардын ураанын шайлоолордо көтөрүп чыгуу кыргыз элинин биримдигин чыңдабайт, тескерисинче элди ыдыратат, ыркты кетирет. Биз илгерки көчмөн

жоокерчилик замандан өтүп кеткенбиз, азыр отурукташкан калкпыз. Ошондуктан ал жоокерчилик мезгилдин эрежелери азыр иштебейт.

Эл аралашып кетти, ар бир региондо Оң канаттын да, Сол канаттын да, Ичкиликтин да уруулары, уруктары бар. Мисалы алсак, Жети-Өгүз районунда кайсы гана уруу жок, Бугусу да, Дөөлөсү да, Саягы да, Мундузу да, Коңураты да, Тынымсеити да, Чериги да, Саруусу да, Кушчусу да, Теити да, Кыпчагы да бар. Уруу урааны менен жетекчи же депутат шайлай турган болсок же Курултайларды өткөрө баштасак, район ичи эмне болот? Бытырап кетпейби. Бириктире албай жаткан элди дароо эле үчкө бөлгөнү турбайбызбы. Ушундай эле көрүнүш ар бир райондо бар.

Ошондуктан айтып жатам–урууларды, уруулардын атын айтып “Бугу”, “Саяк”, “Дөөлөс” же “Саруу” деп ураан чакырганды саясатка, мамлекеттик же муниципалдык бийликтин шайлоолоруна аралаштыруу чоң жаңылыштык болот. Уруу ураанын чакыруу туюк жол, келечеги жок, элди ыдырата турган жол.

Ар ким өз уруусунун таламын талашпастан, өз Мекенинин таламын талашканы жакшы. Мекенчилдик уруучулдуктан да, улутчулдуктан да жогору турат. Мекен деген биз үчүн биринчи кезекте туулуп - өскөн айылыбыз. Кайда жүрбөйлүк, кайда иштебейлик адегенде айылыбыздын өнүгүшүнө салым кошолу. Мекен деген туулуп-өскөн шаар. Андан кийин район, облус. “Ааламга жол айылдан

башталат" деген сөздүн калети жок. Ар бир айылда биримдикти, ынтымакты, өз ара жардамдашууну жана каралашууну калыптандырсак гана жалпы биримдик жөнүндө айта алабыз.

Көп жыл Меккеде жашап, андан кийин Стамбулда туруп, 1993-жылдан тарта Кыргызстанга келип жашап калган Хамид ажы деген 90го чыккан аксакал бар эле. Ошол киши 1996-жылы, мен Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссияны жетектеп турган кезде мага келип, батасын берип жатып бир жакшы сөз айткан болучу:-*"Ар бир адам үч нерсени катуу тутунуп, көңүлүнүн чордонунда кармай алса эч качан жаңылбайт. Ал үч нерсе: Мекен – Дин – Улут. Баарынан жогору турган ыйык нерсе – бул Мекен"* - деп.

Даанышмандык менен айтылган сөз. Ар ким өз Мекенин, өз Динин, өз Улутун ыйык тутуп жашоого милдеттүү. Ушул үч ыйыктыкты бекем сактап жашоо менен гана улуу максаттарга жетүүгө болору - жашоо акыйкаты.

Биз элди бириктирели, бир улут катары калыптаналы десек, анда урууучулукту мамлекеттик саясатка аралаштырбай эле койгонубуз жакшы. Аймакта жашаган калктын биримдиги уругуна, уруусуна, улутуна карабай түзүлгөнү дурус. Ушундай биримдик гана жалпы ынтымакка, коомдук туруктуулукка негиз боло алат.

Мына ушундай биримдиктин үлгүсүн биздин өткөн доордогу бабаларыбыз көрсөтө алганын бизге тарых тастыктап турат. Ошол XIX кылымдын

ортосундагы кыл чайнашып кырчылдашып, уруу менен уруу ортосунда кандуу кагылыштар болуп турган чакта Ысык-Көлдү мекендеген уруулардын биримдиги гана ата конушун сактап калууга, касиеттүү Көл кылаасын бизге, азыркы муундарга ыйык мурас катары калтырууга мүмкүнчүлүк берген.

Балбай баатырды жандап, ага өйдө болсо өбөк, ылдый болсо жөлөк болуп жүрүшкөн баатырлар: Өмүр баатыр менен Мырза баатыр – шапак, Алыбек баатыр менен Нурдөөлөт баатыр – саяк, Жанек баатыр – желдең, Кыдыраалы баатыр – саруу, Нусупбек баатыр – мундуз, Баймырза баатыр – моңолдор, Мажик баатыр менен Керек баатыр – теңизбай, Барак баатыр – коңурат, Токоной баатыр – дөөлөс, Молдо баатыр – арык тукуму, Берикбай баатыр – бапа, Намазбек баатыр менен Канай баатыр – кыдык уруусунан болгон. Аты аталган баатырлар бир туунун түбүнө туруп, бир ураан чакырбаса Ысык-Көлдөй ыйык жерди коргоп кала алышат беле, бизге ыйык мурас катары калтыра алышат беле? Биз ошол баатыр бабаларыбыздын биримдигинен сабак алышыбыз абзел.

Кыргыз элинин келечеги урууучулукта эмес. Урууларга негизделген коомдук түзүлүштүн заманы өтүп кеткен. Туюк жолго баштап элди адаштырбайлы, туура жол тандайлы. "Чылпак алам деп көз чукуп" алгандай болуп араң турган элди дагы ыдыратып, бөлүп, жаатташтырып, чабыштырып албайлы.

## ЫНТЫМАК КЕҢЕШИ, АЙЫЛДЫН БИЙИ ЖАНА ЖИГИТ БАШЫ ЖӨНҮНДӨ

Айылдык Ынтымак кеңешине ар бир ондук-жамааттан төрт адам (онбашы, ондуктун аксакалы, аялдардын жана жаштардын топбашысы) өкүл болушат, талкууга катышышат, чечим кабыл алууга укуктуу болушат. Айылдык Ынтымак кеңешине коюлуп жаткан маселелер алдын - ала ондук ичинде талкууланып, жамааттын ой-пикири угулуп, өз кызыкчылыктарына ылайык бир чечимге келип алуу максатка ылайык болот.

Мисалга алсак, айылда 20 ондук - жамаат болсо, анда айылдык Ынтымак кеңешине ондуктардан 80 адам мүчө болот. Ошондой эле, Ынтымак кеңешине ошол айылдан шайланган айылдык Кеңештин депутаттары, айыл башы, жогоруда айтылган башка жамааттардын (мектептин, мекеме-ишканалардын жамааттары ж.б.) өкүлдөрү да кирет. Ошентип Ынтымак кеңешинин курамы аныкталат.

Ал эми, айылдык Ынтымак кеңешинде маселелерди талкуулоо, чечимдерди кабыл алуу, талаш маселелер боюнча макулдукка келүү жолдору өзүнчө Жобо катары бекитилиши керек. Жобо айылдык Кеңеште мыйзам аныктаган тартипте катталат.

Айылдык Ынтымак кеңеши өзүнүн төрагасын – айылдын Бийин шайлайт. Айылдын Бийи бир эле мезгилде айылдык Аксакалдар сотунун төрагасы да болуп калат. Аксакалдар сотунун курамы да Ынтымак кеңеши тарабынан шайланууга тийиш. Аксакалдар соту Кыргыз Республикасынын

мыйзамы аныктаган тартипте иш алып барат.

Айыл Бийинин шайлануу тартиби, иштөө мөөнөтү, ага карата болгон башка талаптар Ынтымак кеңешинин Жобосунда так көрсөтүлүүгө тийиш. Бийге карата башкы талаптар – калыстык, адилеттик, саясий жактан бейтараптык. Ал адам бир да саясий партияга мүчө болбой, саясий күчтөрдүн таламын талашпаганы дурус. Анткени, Бий саясий кызыкчылыкты көздөп, кеңештин мүчөлөрүнө өзүнүн саясий кызыкчылыгын жүктөй баштаса, анда Ынтымак кеңешинин ичинен биримдик кетет, ыдырайт. Ошондуктан, Бий болуп шайланып жаткан адам мурда кандайдыр бир партияга мүчө болуп жүргөн болсо, ал мүчөлүктөн убактылуу чыгып, ошол партиянын саясатын үгүттөөнү токтотууга милдеттүү.

Негизи эле саясий кызыкчылык, саясий партияларды жактоо ар бир кишинин жеке иши болгону дурус. Шайлоо убагында ким кайсы партияга добуш берсе өзү билсин, мейли үгүттөсүн, айтсын, түшүндүрсүн, бирок өз көз карашын башкаларга таңуулап, "колдоп бербесеңер туугандыктан кечем, ынтымактан чыгам" деп жарга такаганы натура көрүнүш. Өзгөчө коомдогу Айыл башы, Онбашы, Аксакалдар кеңешинин төрагасы сыяктуу статусу бар адамдар өз абалын пайдаланууга аракет кылбаганы дурус. Бул эреже, мындай жагдай тууган арасындагы, айыл ичиндеги ынтымактын ыдырап кетишинен сактайт.

Бий шайланган адамды фамилиясы менен "Эшматов Ташмат бий" дебестен, нукура кыргызча өз аты менен эле айтып "Ташмат бий" дегенибиз

туура болот.

Ынтымак кеңешине кирген аксакалдар айылдык Аксакалдар кеңешин, аялдар айылдык аялдар кеңешин, жаштар айылдык жаштар кеңешин түзүшөт. Бул кеңештердин иштөө тартиби да өзүнчө Жоболор менен аныкталууга тийиш.

Жаштар кеңешинин төрагасы болуп шайланган жигит айылдын Жигит башы деп аталат. Жигит башы жаштардан ыктыярдуу кошуун курайт, айыл ичиндеги коомдук тартиптин сакталышына жооп берет, участкалык милиция менен кызматташ болот, кезектешип кайгуулга чыгуу менен мал уурдоого жана башка жат көрүнүштөргө каршы күрөшөт.

Ошондой эле, Жигит башынын милдети айылдагы спорт жана дене тарбия иштерине баш-көз болуу, спорттук таймаштардын жана башка иш-чаралардын өткөрүлүшүн камсыз кылуу, мектеп окуучуларынын арасында тарбия иштерин алып баруу, жаштар арасында зордук-зомбулук идеологиясынын таркашына жол бербөө болуп саналат.

Ал эми Айыл өкмөтү тарабынан дайындалган Айыл башы айылдык аткаруу комитетин (айылатком) жетектейт. Айыл башы Ынтымак кеңешинде шайланып, анан Айыл өкмөтү тарабынан бекитилгени максатка ылайык. Айылаткомдун курамына ондук-жамааттардын жетекчилери болуп шайланышкан онбашылар кирет. Ошондой эле, Ынтымак кеңешинин чечими менен айылаткомго мектептин директору, таза суу жана сугат суу боюнча коомдук бирикмелердин, жайыт комитетинин жетекчилери жана башка адамдардын

да кирүүсү мүмкүн.

Район, шаар же облус деңгээлинде бийлердин, Аксакалдар кеңешинин төрагаларынын, жигит башылардын, аялдар комитеттеринин лидерлеринин атайын жыйындарын өткөрүп, жалпы көйгөйлөрдү талкуулап, тажырыйба алмашып турууга болот.

## ШААРЛАРДАГЫ ЖАНА ИРИ АЙЫЛДАРДАГЫ ЖАМААТТАР ЖАНА КОНУШТАР

Жогоруда Балыкчы жана Каракол шаарларында, Чолпон-Ата, Түп, Ак-Суу, Кызыл-Суу, Бөкөнбаев сыяктуу райондун борборлорунда, ошондой эле Кажы-Сай, Жыргалаң сыяктуу тургундары ар жактан келип отурукташып жашап калган айылдарда ондук-жамааттар көчөлөрдүн же кварталдардын, көп кабаттуу үйлөрдө, ошол көп батирлүү үйлөрдүн жана алардын негизинде түзүлгөн кондоминиумдардын чегинде уюшулганы дурус болот деп айттык эле. Бул калктуу жайларда кошуналык иретинде бир көчө же бир кварталдын тургундарынан түзүлгөн ондук-жамааттар башкы, орчундуу орунду ээлейт. Жамаатташуу ишинде ошол ондуктарга таянганыбыз туура.

Ошондой эле, шаарлар жана ири айылдар ичинен конуштарга бөлүнүп, Ынтымак кеңештери ар бир конушта түзүлүп, ошол конуштарда Бийлер шайланганы туура болчудай. Конуштар ал жерде жашаган калктын саны болжол менен бирдей болуп уюшулганы жакшы. Менин оюмча Балыкчы жана

Каракол шаарларында шайлоо участкаларына бөлүү тажрыйбасын эске алып, мурдагы шайлоо участкаларын негиз кылып алып конуштарды аныктоо туура болушу мүмкүн. Мисалы, Каракол шаарында эки шайлоо участкасын бириктирип бир конуш деп атасак, анда 12 конуш уюшулат. Ал эми Балыкчы шаарында эки шайлоо участкасын бир конуш деп эсептесек 8 конуш болот.

Райондук борборлордо же башка ири айылдарда да ойлонуп, кеңешип туруп конуштарды аныктоо, ал конуштардын чектерин тактоо керек. Анан кийин ар бир Конуш ичиндеги ондук-жамааттар уюштурулат. Дароо эле айта кетейин – бул иш оңой эмес, тез эле боло койбойт. Далай түйшүктү, далай аракетти, көп жыйындарды, талкууларды талап кылат. Бирок, келечектүү иш.

Конуштун Бийи – бул коомдук жумуш. Айыл бийи сыяктуу эле конуш Бийи ошол конушта Аксакалдар сотунун төрагасы болот, мыйзамга ылайык сот акыйкаттыгын аткарат.

Ар бир конушта муниципалитеттин кызмат адамы катары Конуш башы дайындалып, мамлекеттик жана муниципалдык башкарууга байланыштуу иштерди аткарганы максатка ылайыктуу. Мисалы, таштандыларды алып чыгуу үчүн төлөмдөрдү жыйноо, справкаларды берүү сыяктуу. Конуш башылар шаардык кеңештер чектеген өлчөмдө айлык маяна менен да камсыз болгону жакшы болот. Бирок, бул маселенин мыйзам чегинде чечилишин карап чыгуу зарыл, дароо эле бюджетке киргизилет деп айтуу кыйын. Ошондой эле, Конуш башылар

жарандарга көрсөткөн ар кандай кызматтары үчүн алынуучу төлөмдөрдөн да тиешелүү пайызын сыйлык катары алууга укугу болгону дурус.

Бирок, Конуш башылар калкка көрсөткөн кызматы үчүн төлөмдөрдү өздөрү жыйнап, эч кандай жооп чоту жок пайдалангандары туура эмес. Конуш башы бере турган справкалар катуу көзөмөлдөгү документ болуп, атайын журналдарда каттоодон өткөрүлүшү керек. Жыйымдар болсо квитанция менен төлөнүп, муниципалдык бийликтин атайын банк-эсебине которулат. Акча каражатына катуу көзөмөлдүн болушу ар кандай түшүнбөстүктөрдөн, таза эмес адамдар тарабынан жасалуучу кыянаттыктан сактайт.

Конуш башы азыркы учурдагы Айыл башы сымал эле атайын кызмат адамы болуп, мыйзам чегинде маяна алганы максатка ылайык. Ал ошол жердеги онбашыларга, конуш бийи жана конуштун Ынтымак кеңешине таянып иш алып барат. Конуштарда айылдардагы сымал эле конуштун аткаруу комитети (конушатком) түзүлүүсү мүмкүн. Конушаткомдун курамына ошол конуштагы ондук-жамааттардын башчылары – Онбашылар киришет.

Ал эми көп улуттуу калктуу жайларда, албетте, башка этникалык топтордун жамааттарын да эске алуубуз керек. Аларды да өз алдынча жамаат катары карап, өкүлдөрүн Ынтымак кеңештерине мүчө кылып киргизүү шарт. Мындай жамааттарда да онбашы, жамааттын аксакалы, аялдардын жана жаштардын топбашылары аныкталат. Алар айылдык же конуштун Ынтымак кеңештерине мүчө болуп,

жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө толук кандуу катыша алышат.

Ошону менен бирге, ар кандай улуттардын өкүлдөрү сөзсүз түрдө өздөрү жашаган көчөлөрдүн, кварталдардын ондук-жамаатарына мүчө болуп кириши, ошол жамааттардын ички ынтымагына жараша тирлик кылуусу керек. Анткени көчөнүн, кварталдын же конуштун тирлик көйгөйлөрү тургундар үчүн жалпы болуп, ал жерде жашаган ар бир түтүнгө тиешелүү.

Шаарлардагы жана ири айылдардагы конуштарда аксакалдар кеңеши, аялдар кеңеши, жаштар кеңеши жогоруда айтылгандай эле ондук-жамааттардын өкүлдөрүнөн куралат.

## ӨЗ ЖАРДАМ – ЖАМААТТЫК БИРИМДИКТИН ӨЗӨГҮ

Кыргыз эли миңдеген жылдар бою коомдошуп жашап, өз жардамдын ар кандай усулдарын пайдаланып келишкен. Өз жардамдын түрлөрү көп.

Мисалы:

-жаңы тирдик үй-бүлөгө үй көтөрүү, мал курап берүү;

-орчундуу иштерди ашар кылып же алгоолошуп бүткөрүү;

-орток жер айдоо же мал күтүү;

-мингич же саан берүү;

-жамандык - жакшылыкта кошумча кошуу;

-биргелешип сеп даярдоо, кийиз басуу, аркан эшүү;

-үлүш берүү, конок алуу.

Бир топ жылдан бери Өз жардам топторун түзүү (ӨЖТ), мындай топтордун философиясын иштеп чыгуу менен алектенип келе жаткан Усупов Жумагазы мырза бул тизмекти дагы уланта берсе болот, өз жардамдын түрү кыргыз элинде жыйырмадан ашык деп айтып келет. Жумагазы мырза менен Жусупова Ракыя жетектеген "Арыш", "Эреп", "Эрайым" деп аталган коомдук уюмдар Бишкек шаарынын жаңы конуштар алкагында өз жардам топторун түзүп, ал топтор аркылуу конуштардагы тирлик көйгөйлөрүн чечүү усулдарын калыптандырып, учурда 650дөй топ менен иш алып барып жатышат. Жогоруда айтылган Түп айылындагы, Чолпон-Ата, Балыкчы шаарларындагы, Тоң районундагы талкууларга Жумагазы мырза менен Ракыя айымды атайын чакырып, ал жерлерде ӨЖТлардын тажрыйбасы жөнүндө маалымат берүүсүн сурангам. Анткени, ӨЖТларда он жылдан бери топтолгон тажрыйбаны биз ондук-жамааттарга киргизип, туугандар же кошуналар ортосундагы ынтымактын өзөк оту катары пайдаланганыбыз туура болот.

Ондук-жамааттарды бириктирип туруучу өзөк – бул жамаат ичиндеги өз жардам, анын так жана ырааттуу уюштурулушу, карым-катнаштагы калыстык, чатак маселелерди чечүүдөгү адилеттик, жамаат ичиндеги өз ара айкөлдүк.

Мына ушул өзөк кыргыз элинин уюткусун сактап, дагы да болсо туугандардын ортосундагы байланышты кармап келе жатат. Бирок, тилекке каршы, ондук-жамааттар коомдук түзүлүштүн негизи катары каралбай, жөн эле тууган арасындагы карым-катнаш катары кабыл алынып келди. Жарандык коомду иликтөөчүлөр бул табигый түзүмдөргө көңүл бурушкан деле жок. Биздин азыркы милдет бул көз карашты түп тамырынан бери өзгөртүү, ондук-жамааттарды жергиликтүү коомдоштуктардын пайдубалы, кыргыз коомдук түзүлүшүнүн баштапкы негизи катары кароо болуп турат.

Ошондуктан биз ар бир ондуктун ичинде өз жардам усулдарынын калыптанышына орчундуу көңүл буруп, жоголуп, унутулуп бара жаткан наркыбызды, тууган ичиндеги же кошуналар ортосундагы ынтымакты калыбына келтирүүгө аракет кылалы. Турмуш ыңгайына жараша мындай ынтымак жок болуп бара жатканы жашыруун деле эмес. Көп жерлерде туугандык ондук-жамааттагы түтүндөрдүн саны өсүп, отуз-кырк түтүнгө жетип, ич ара ынтымак кетип, атаандаштык пайда болуп, атүгүл өз ара жааттапып, урушуп-талашып, үй-бүлөлүк жакшылыктарда ич ара бөлүнүп, ар ким өз жакындары менен гана тамак ичишип калганы да турмуш чындыгы.

"Баланча уулу" деп жамандыктарда эле үрпөйүп бириге калганы болбосо, кай бир тууганлык ондуктардын ичинде ынтымак солгун эле болуп калды. Тетирисинче, көп калктуу айылдарда туугандыкка карабай, кошуна иретинде бириккен

ондук-жамааттардын ички ынтымагы бекем. Алар жамандык-жакшылыктарда гана эмес, башка тирлик көйгөйлөрүн да биргелешип чечүүнүн жолун таап жатышканына көптөгөн мисалдарды айтууга болот.

Биз ондук-жамааттардын эки түрүнө тең таянып коомдук түзүмдү аныктайлы деген максат коюп жаткандан кийин, ушул эки ондуктун тең ички бириктирүүчү өзөгүн бекемдөөгө белсенип жатабыз.

**Биринчиден**, ар бир айылда ички ынтымагы ыдырап, солгундап калган ондуктар ич ара сүйлөшүп, кеңешип туруп ички биримдиги бекем боло тургандай эки же үч ондукка бөлүнгөнү дурус. Төрт-беш ата өтүп кеткен туугандар ортосунда чынында эле ынтымакты кармоо кыйын. Ошондуктан кийинки муунга ылдый түшүп, ички ынтымагы бекем, өз ара күйүшө турган туугандардан турган ондук-жамаат түзүү керек.

**Экинчиден**, мүмкүн болгон жерлерде кошуналык иреттеги ондук-жамааттарды уюштуруу, ушул ондуктардын ичиндеги өз жардам усулдарын калыптандыруу керек. Көпчүлүк жерлерде мындай ондуктар жалпы айылдын же шаардын ичиндеги ынтымактын уюткусу болуп калаары да шексиз. Кошуналык иретте түзүлгөн ондуктар айыл ичиндеги уруучулукту жоюуга, жалпы биримдикти чыңдоого, жалпы көйгөйлөрдү чечүүгө өбөлгө болуп жатканынын мисалдары көп.

**Үчүнчүдөн**, ар бир ондукта, жогору жакта айтылгандай, уюштуруу иштерин жүргүзүп, онбашысын, аксакалын, аялдардын жана жаштардын топбашысын аныктоо керек. Бул

адамдар жамаат ичинде кадыр-баркы бар, сөзүнө жооп бере алгандай болууга тийиш.

**Төртүнчүдөн**. ар бир ондук-жамаатта Жобо кабыл алынып, ондук ичиндеги өз жардамдын усулдары, өз ара милдеттер жана жоопкерчиликтер жазылышы керек. Ондук-жамаатка кирген түтүндөрдүн саны алынып, андагы үй-бүлө мүчөлөрүнүн саны да такталышы зарыл. Ким кайда жүрөт, эмне иш менен алек болуп атат, жашоосу, окуусу кандай, эмне көйгөйлөрү бар дегенге чейин тактоо талап кылынат. Биздин максат - бир да кишини көз жаздымда калтырбоо, турмуш көйгөйүнөн чөгөлөп калганы болсо жөлөп бутуна тургузуу, тескери басканын тескөө, тентекти тыюу, жесирлерге, багаар-көрөөрү жок карыларга колдоо көрсөтүү, жетимдерди жетилтүү.

**Бешинчиден**, ар бир ондукта ички сактоолук фондусу түзүлүүгө тийиш. Бул фонду түтүн башынан жылына төлөнүп туруучу мүчөлүк акылардан, демөөрчүлүк салымдардан жана ортодогу каражатты иштетүүдөн түшкөн пайыздардан куралат. Сактоолук фондусунун түзүлүшү ондук-жамааттын мүчөлөрүн ар кандай микрокредиттик агенттиктерден насыя алып, анын үстөк пайызын төлөй албай карызга батуудан сактайт. Чукул арада керек болгон каражатты ортодогу сактоолук фондусунан аз пайыз менен ала турууга болот. Сактоолук фондусунун каражатын жазгы жана күзгү талаа иштеринде убактылуу алып пайдалануу мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Эгерде сырткары бирөөлөр насыя ала турган болсо, тиешелүү пайыз менен берип иштетүүгө да болот.

Мына ушул иштерди аткаруу менен биз ондук ичиндеги ынтымактын, биримдиктин, өз ара жардамдын өзөгүн калыптандыра баштаган болобуз.

Дароо эле телегей тегиз болуп, бардык жерде ынтымак болуп кетет дегенден алысмын. Жүз жылга жакын убакыт тетири кеткен көчтү кайра кайыруу, кайрадан туура жолго салуу оңой иш эмес. Маселенин өтө тереңдеп кеткенин, көп нерсе кайтарылгыс болуп калганын көрүп эле турам. Бирок, келечекте эл болуп, журт болуп калууну көздөсөк, келечек муундарды ойлосок, бул жолго түшүү керек.

Аракет кылалы, арманыбызды бири - бирибизге айтып, кол куушуруп отура бербейли, дагы да сакталып турган журтчулуктун көрөңгөсүн өстүрүп, элибиздин биримдигин бекемдейли.

Ар бир айылда, ар бир шаарда ондук-жамааттардын такталышы, алардын ички биримдигинин чыңдалышы, өз жардам усулдарынын бекемделиши мамлекеттик жана жалпы коомдук түзүлүштүн бышыкталышына алып келери анык. Сунуш кылынып жаткан жамааттяшуу кыймылы Кыргыз көчүнүн азыркы доордогуулуу жүрүшү болуп калышы ажеп эмес.

## ЫНТЫМАК КЕҢЕШТЕРИ – ЖАЛПЫ КӨЙГӨЙЛӨРДҮ ЧЕЧҮҮНҮН ТҮЗ ЖОЛУ

Туугандык же коңшулук өз жардамдан башка да аймакташ жашаган адамдарда жалпы керектиктер (потребности) бар. Алар:

-коомдук тартипти жана жеке адамдын коопсуздугун камсыз кылуу;

-билим жана саламаттыкты сактоо кызматынын жеткиликтүү болушу;

-мектеп жашына чейинки балдарга билим берүү мүмкүнчүлүгү, бала бакчалардын иштеши;

-таза суу менен камсыз кылуу;

-айылдын же шаардын санитардык тазалыгы, таштандылардын өз убагында ташылып чыгарылышы;

-сугат суусун, жайыттарды ирееттүү жана натыйжалуу пайдаланууну уюштуруу;

-айдоо жерлердин корулушу, аларга мал кирип тебелешине жол бербөө;

-айыл чарба техникалары менен камсыз болуу;

-өндүрүлгөн продукцияларды сатуу мүмкүнчүлүгү;

-кредиттик ресурстарды алып, пайдаланууга мүмкүнчүлүк болуусу;

-айыл же шаар ичиндеги көчөлөрдүн, жолдордун оңдолушу;

-электр жарыгы менен камсыз болуу;

-башка айылдар жана шаарлар менен транспорт каттамдарынын уюштурулушу;

-муниципалдык жана мамлекеттик органдар тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын так жана өз убагында аткарылуусун камсыз кылуу.

Бул керектөөлөрдү камсыз кылуу иш жүзүндө көп түйшүктү жаратат, алардын убагында чечилбей калышы бийлик органдарына карата наразычылык туудурат.

Эгемендик жылдарында социалдык жана экономикалык маселелерди чечүүдө жамааттык

кыймылдарга таянуу керек деген ой көп эле айтылып жатты. Ошол кезде айыл жерин көтөрүү жана жакырчылыкты жоюу максатында аткарылган “Аракет” программасы азыр да көпчүлүктүн эсинде. Анда деле Президенттин администрациясы ар бир райондун Бишкекте иштеген уул-кыздарын жыйнап, колдон келген жардамыңарды бергиле, социалдык мобилизация иштерине жигердүү катышкыла деп туулуп - өскөн айылдарына жөнөткөн болучу.

Кийин “Таза суу” долбоору чыкты, сугат сууну сарамжалдуу пайдалануу максатында суу пайдалануучулардын ассоциациялары түзүлө баштады. Андан кийин жайыт комитеттери уюшулду, аймактарды өнүктүрүү максатында АРИС программасы иштеди, ар бир айылда аймактык инвестициялык комитеттер түзүлдү. Бул долбоорлор эл аралык уюмдар тарабынан колдоого алынып, алардын ишмердигинин негизин жергиликтүү коомдоштуктарга таянуу идеясы түзөт. Ошентип, бир эле айылдын ичинде аймактык инвестициялык комитеттер, таза суу пайдалануучулардын айылдык коомдоштугу, суу пайдалануучулардын ассоциациясы, жайыт комитети түзүлүп, алар бири - бири менен эч байланышы жоктой иш алып барып жатышат. Атүгүл алардын ортосунда ар кандай туура эмес мамиле түзүлүп, айылдын бир топ тургуну бир уюмду, экинчи тобу башка уюмду ээлеп алып, ал уюмдун жыйынына өздөрүнө жакын кишилерди, жакшы санаалаштарын чакырып, алардын колдоосу менен уюмдун жетекчилигин ээлеп калышканы да жашыруун сыр эмес.

Бул туура эмес көрүнүш. Анткени айыл бир, айылдын тургундары бир, чечилүүчү көйгөйлөр да баарына бирдей. Мына ушул жагымсыз көрүнүштөн чыгуу максатында биз айылдык Ынтымак кеңештерин сунуш кылып жатабыз. Мына ушул кеңеш айыл ичиндеги бардык көйгөйлөрдү тескеши керек. Жогоруда айтылган суу пайдалануучулардын ассоциациясы, таза суу долбоорунун жетекчилиги, жайыт комитети жана башка бардык уюмдар Ынтымак кеңешинин алдында жооптуу болуп, ал жерде отчетторун берүүгө, кеңештин чечими менен ал уюмдардын жетекчиликтери шайланууга тийиш. Айыл ичиндеги бардык маселелер боюнча чечимдерди элдин атынан, айылдын коомдоштугунун атынан чыгарууга Ынтымак кеңеши гана укуктуу.

Маселен, айылдын жалпы көйгөйү болгон сугат суу маселеси каралды дейли. Жаз келери менен каналдарды, арыктарды тазалоо, аларды калыбына келтирүү көйгөйү чыгат. Айыл өкмөтүнө жана айыл башыга ошол маалда элди уюштуруу, аталган иштерди аткаруу үчүн киши чогултуу бир топ эле түйшүк жаратат. Сугат суу баарына бирдей керек болсо да жоопкерчиликти сезип, бекер иштөөгө макул болуп чыккан адам аз болот. “Сен чык, мен чык, мурда ал чыккан эмес, тигил чыккан эмес” деп ыйкы - тыйкы болгон көрүнүш бардык жерде эле кезигет. Эгерде жогоруда айтылып жаткандай Ынтымак кеңештери түзүлүп, айыл ичинде ондук-жамааттар такталып, алар толук кандуу иштей баштаса, мындай көрүнүш болбойт. Кеңеште ар бир ондуктан канча киши чыгышы керектигин, канча

көлөмдөгү иш  канча убакытта жасалууга тийиш экендигин тактап чечим кабыл алып койгону эле жетиштүү болот. Калган милдет да, жоопкерчилик да онбашыларда болуп калат. Ар бир онбашы өз ондук-жамаатында маселени талдап, ким чыгат, качан чыгат деп тактап ала алат. Айыл башыга да, айыл өкмөткө да бир кыйла жеңилдик болуп калат.

Жогоруда саналып өткөн жалпы көйгөйлөрдүн баарын тең бир тартипте талкуулап, жабыла аракет менен чечип алуу мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Ынтымак кеңеши айыл же конуш ичинде элдин өз алдынча башкаруусунун, өз алдынча уюшуусунун реалдуу механизми болору айтпаса да түшүнүктүү.

## АЙЫЛДЫК ӨНҮГҮҮ ФОНДУСУ – АЙЫЛДЫК ЖАЛПЫ КӨЙГӨЙЛӨРДҮ ЧЕЧҮҮНҮН НЕГИЗИ

Ар бир ондук-жамаат ортого фонд түзүп, өздөрүнүн сактоолугун жыйнаганы жакшы. Бул жөнүндө жогору жакта айтып өттүк. Ортодо акча каражатынын топтомунун болушу жалпы кызыкчылыкты жаратып, ар кандай турмуш кысталыштарында өз ара жардам берүү, акча каражатын убактылуу насыяга алып пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүн түзөт. Ошондой эле, ушул эле сактоолук фондусунун эсебинен үлүш жерлерди бириктирип, бир чарба катары иштетүүгө, ортодо мал кармоого да мүмкүнчүлүк түзүлөт. Ондук-жамааттын сактоолук фондусу жана анын каражатын пайдалануу тартиби атайын Жобо менен бекитилип, бекитилген эрежелерди так сактоо

келишими түзүлүүгө тийиш. Сактоолук фондусунун ишин онбашы тескегени туура болот.

Эми сөз айылдын өнүгүү фондусу жөнүндө болмокчу. Көп эле айылдарда өнүгүү фондулары түзүлүп, ал фондуга ар кандай марафондор аркылуу акча-каражаттары жыйналып жүрөт. Мындай акча топтомдорунун жардамы менен бир топ иштер аткарылганы да чындык. Мисалдарды көп эле келтирсе болот. Учурдун талабы ошол өнүгүү фондуларынын ишин бир тартипке салуу, аларды башкаруунун эрежелерин бекитүү. Тартип атайын Жобо менен бекитилет. Жобо депутаттардын айылдык Кеңешинде катталат.

Айылдык өнүгүү фондусун тескөө айыл башы жетекчилик кылган айылдык аткаруу комитетине (айылатком) тапшырылат. Айылдык өнүгүү фондусу тарабынан аткарылуучу иштер жана каржылоонун көлөмү айылдык Ынтымак кеңеши тарабынан бекитилет.

**Айылдык өнүгүү фондусу төмөнкү булактардан каржылануусу мүмкүн:**

- башкы каржы булагы болуп түтүн башына же жан башына чегерилүүчү жылдык мүчөлүк акы эсептелет. Мүчөлүк акынын өлчөмүн жалпы кеңешип туруп бычып алуу анча деле кыйын эмес. Мисалга алсак, айыл жеринде колунда бар адамдар үчүн жылына бир козу же кой берүү оорчулук жаратпайт. Айылда 400 түтүн болсо, анын 350 түтүнү жылына бирден козуну өнүгүү фондусуна берсе, анда жылына 1 миллионго жакын сом жыйналат. Же жан башына белгилүү өлчөмдөгү акча каражатын мүчөлүк акы катары чегерип койсо деле

болот. Ынтымак кеңеши колунда жок, жакыр үй-бүлөлөрдү мүчөлүк акы төлөөдөн бошотуп да коё алат;

-ортодо жер же алма багы болсо алардын ижара акысы же аларды иштетүүдөн түшкөн каражат өнүгүү фондусуна киргизилиши керек;

-колунда бар тың адамдар же айылдын сыртта иштеп жүргөн тың чыкма уул-кыздары тарабынан демөөрчүлүк иретинде берилген акча каражаттары да өнүгүү фондусуна киргизилет;

-ар кандай мекеме-ишканалардын, ишкер адамдардын демөөрчү катары берген акча-каражаттары да өнүгүү фондусунун каражаты катары эсепке алынышы керек;

-өнүгүү фондусунун акча-каражатын иштетүүдөн, жүгүртүүдөн же насыяга берүүдөн түшкөн каражаттар да фондунун кирешеси катары каралат.

Айылдын өнүгүү фондусунун каражаттары жергиликтүү бюджеттин каражаттары менен катар эле айылдын социалдык, экономикалык, маданий, дене тарбия жана спорттук өсүшүнө тиешеси бар көйгөйлөрдү чечүүгө жумшалат.

Менин терең ишенимимде облустук Ысык-Көл өнүгүү фондусунун каражатынан да айылдык өнүгүү фондусу тарабынан каржыланып жаткан иштерге кошумча каржы катары бөлүп берүү тажрыйбасын киййрүү керек. Мисалы, айыл тургундары айылдын өнүгүү фондусу аркылуу 500 миң сом каражат топтоп, айыл ичиндеги жолдорду же көпүрөлөрдү оңдоо ишин пландап жатса,

облустук Ысык-Көл өнүгүү фондусу да кошумча 500 миң сом берүү менен жергиликтүү демилгени колдогон болор эле.

Ушул жерде айта кетүүчү дагы бир жагдай бар. Таза суу долбоору болобу же дагы башка иш болобу каражат жыйноо маселеси боюнча эл менен жолукканда адегенде эле “турмуш оор, жашоо кыйын, элде акча жок, мындай акча жыйнай албайбыз, облустан жардам бөлүп берсеңер” деген сөздөр айтылат. Туура, эч кимде ашып-ташып жаткан оокат жок, көпчүлүк үй-бүлөлөр чынында эле кыйналып жашап жатышат. Бирок, 400 түтүн жашаган айылды ала турган болсок, жок дегенде эле айыл ичинде 1000 чөнтөк телефон бар, көп үй-бүлө кеминде экиден пайдаланат. Ар бир телефонго 250 сомдон айына кеткенде деле 250 миң сомду бир айда төлөп жатабыз да. Бир жылда - эки жарым миллион сом. Жылына эки жарым миллион сомду желге сапырып жаткан айылдын эли мектептин чатырын оңдогонго 250 миң сом жок деп эки-үч жыл арыз жазып, бери дегенде райакимге, ары жагы барып Президентке чейин кат жөнөтөт. Жылдап мектептин үстүнөн суу агып турат. Бир ай чөнтөк телефон менен сүйлөшпөй койсок эле мектептин чатыры бүтөлгөнү турбайбы. Мындан он жыл илгери чөнтөк телефону жок эле турмуш өтүп жатпады беле.

Телефон биринчи даражадагы муктаждык эмес, бирок ага кабагым - кашым дебей акча төлөйбүз. Ал эми суу түтүктөрү аркылуу ичип жаткан таза суу үчүн төлөгүбүз келбейт, болбогон шылтоону айтып качабыз. Ушул маселени да ойлонсок. “Жабыла көтөргөн жүк жеңил” дейт. Айыл ичиинде чечилбей

турган маселе жок. Элүү-алтымыш метр суу алып кеткен алыштын башын чогулуп барып бир-эки күндө кетмен-күрөк менен эле кайра калыбына келтирип койгондун ордуна, жылдап арызданып жүрөбүз. Ошол арада жер айдалбай да, сугарылбай да калат. Жок, бизге сөзсүз аны Өкмөт келип эксковатор, бульдозер коюп жасап бериши керек. Ошондой эле, кол менен казып, беш метр трубаны алмаштырып бүткөрүп коюучу ишти бир чоң маселе кылып айлап, жылдап жүрө беребиз. Айылда болсо таза суу жок, арыктан ичебиз. Аны да сөзсүз айыл өкмөтү келип бүтүрүшү керек.

Бирок, мени кубанткан нерсе - бул психологиядан арылуу башталыптыр. Мына быйыл жайында мага Каракол шаарынын кире беришиндеги бир кварталдын жашоочулары мага суу түтүгүн өткөрүп берүү өтүнүчү менен кайрылышты. Өздөрү акча жыйнап труба сатып алып, солярка алып коюшуптур. "Сууканал" ишканасынын күчү менен 650 метр жерге труба коюп берсеңиз, андан ары ар бир киши өз үйүнө өзү суу киргизип алат" деп айтышты жолугушууда. Ошол көчөгө барып, адистер менен кеңешсек, тез эле бүтүүчү иш экен. Ошентип, өмүрү суусу жок кварталда таза суу ар бир үйгө эки айдын ичинде эле кирип калды. Жаңы конушка трансформатор коюу, көчөнү жасоо, суу киргизүү боюнча мындай мисалдар көп. Аң-сезим өзгөрө баштады. Бул кубантат.

Ушундай эле кубанычтуу иш Ак-Суу районунун Жаңы-Арык айлындагы жаңы конушта болду. Тургундар өздөрү демилге көтөрүп, конушту электр

энергиясы менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу маселесин чечип алышты. 850 миң сомго электр чубалгысы тартылып, трансформатор орноду.

Өзүбүз эле чече турган маселени, өзүбүз эле чогулуп бүтүрүп ала турган иштерди айыл өкмөткө, акимге, анан барып - барып эле Өкмөткө, Президентке саласал кылбасак, өзүбүздүн жашообузга өзүбүз жоопкер болсок, азыр ар бир айылда, ар бир шаар конушунда турган көйгөйлөрдүн көбү эбак эле чечилмек.

Кудайга шүгүр, азыр заман жакшы эле, эң башкысы элибиздин курсагы ток, үстү бүтүн. Ынтымак болсо, бир максатка бириксек баары колдон келет! Кемиген толот, үзүлгөн уланат!

## САРАМЖАЛДУУЛУК ЖАНА МЭЭНЕТКЕЧТИК ЖӨНҮНДӨ

Жогоруда сөз кылган чөнтөк телефон маселесин облус боюнча алсак – жок дегенде 250 миң чөнтөк телефон бар. Ошондо ар бир телефон үчүн 200 сомдон эле айына төлөсөк, жалпы 50 миллин сом бир айда кетип жатат. Жылына - 600 миллион сом. Бул бери эле жагы. Чынында бир миллиард сомдон ашык акчаны ушул соткага эле беребиз. Салыштырып айтсак, баарыбыз сөз кылып, кайра - кайра талкуу кылып, мектептин, бала бакчанын же айыл ичиндеги көпүрөнүн салынышын үмүт кылып аткан Ысык-Көл өнүгүү фондусуна Кумтөрдөн жылына болгону 400 миллион сомдун тегереги же ушул акчанын жарымы эле келип түшөт. Чөнтөк телефонго төлөнгөн акчаны чогултсак, ошол 600 миллион сомго жок дегенде эле 10 мектеп салып

койбойт белек деп да ойлойм. Өкүнүчтүүсү, ошол акчанын 90 пайызы кирди-чыкты эле сөздөргө кетет: “Чай коюп койдуңбу, кызым? Үйгө келдиңби, балам? Эртең сабакка барасыңбы? Кечеги телекөрсөтүүдөгү кино сонун экен ээ...” деген сыяктуу. Тагдыр чечүүчү маселе деле сүйлөшүлбөйт. Салыштырып айтсак, облус боюнча бюджеттик каржылануу да ошол эле 600 миллион сомго жакын. Мындайча айтканда, Ысык-Көл облусунун бир жылдык бюджети жөн эле желге сапырылып кеткенин баамдабай деле калып жатабыз.

Мен бирөөнүн чөнтөгүндөгү акчаны санагым деле келген жок, телефон менен сүйлөшөбү, канча чөнтөк телефон алып жүрөт, бешиктеги баласынан бели бекчейген апасына чейин телефон алып береби – ар кимдин өз иши. Бирок, ушул чөнтөк телефонго кетип жаткан акчанын эсебин көрсөтүү менен бир гана нерсени – жалпы элдин колунда акча каражаты жок эмес экенин, а түгүл жөн эле сарп болуп жатканын, ал акча каражаты турмуштагы биринчи даражадагы муктаждыктарды чечүүгө, үй-бүлөнүн байлыгын көбөйтүүгө, экономиканы өнүктүрүүгө жумшалбай, бөөдө ысырап болуп жатканын гана айткым келди. Максатым айылдык өнүгүү фондусун түзүүгө толук шарт да, анын каржы булактары да бар экенин көрсөтүү болду.

Базар экономикасынын негизги эрежеси – сарамжалдуулук. Америкада базар экономикасынын башында турган Линкольн: “Үнөмдөп калган акча – иштеп табылган акчадай. Күн сайын тапкан акчанын санынан бир эле долларга аз сарптасаң сен байыйсың,” – деп айтыптыр. Туура айтылган сөз.

Кыргыз эли деле: "Мал тапканча эсеп тап" дейт эмеспи. Эгерде биз таап жаткан акча каражатыбыздын эсебин билсек, анда элибиздин жашоо деңгээлинин азыркы абалы бир топ эле жогору болмок. "Табылганын чабылгандай жок кылып", кур намыс үчүн аш-тойго чачып жибергенден, бөөдө ысырапкорчулуктан арылсак деген эле ой.

Элибиздин кендирин кесип жаткан нерселер – ысырапкорчулук менен жалкоолук. Жардынын бир тойгону орто байыганы", "Жалкоолук жанга тынч экен, жатып ичер аш болсо" деген макалдар деле бекер жерден чыккан эмес го.

Мектеп окуучулары "отуруш" деп бир топ акча каражатын бекерчиликке сарптап жатканы жөнүндө жогоруда айттым. Ошондой эле, "Он жылдык өткөрөбүз", "Жыйырма жылдык өткөрөбүз" деп классташтар дагы бир топ эле бөөдө чыгым жасайт, кай бир жерлерде эки-үч кара мал союлуп да кетип жатканы айтылып жүрөт. Ичилип, чачылып жаткан тамак, суудай аккан арак жөнүндө айтпай эле коёлу. Ушунун баары "аш көп болсо, каада көп" дегендей эле ашыкча чыгым, ысырапкорчулук.

Кызыкчылык үчүн атайын отуруп айыл ичиндеги ашыкча чыгымдарды санап көрсө деле болот. "Ай-и-ий, ушунча акча жок болуп жатабы" деп таң калаарыбыз да анык.

Ар бир адам, ар бир үй-бүлө үнөм эрежелерин үйрөнгөнү зарыл. Бул зарылчылык азыркы базар экономикасынын катаал шарттарынан чыгып жатат. Атаандаштык табигаттын эрежеси, шарты.

Атаандаштыктын натыйжасында эволюция болуп, өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын түрлөрү өзгөрүп, атаандаштыкка чыдаган гана түрлөрү жашап калып, калганы өлүп жок болуп келе жатканын Чарлз Дарвиндин илими тастыктабадыбы. Ошондой эле атаандаштык эл менен элдин, улут менен улуттун ортосунда да бар. Жаңы жашоо шартына ыңгайлашкан гана элдер сакталып калат, калганы башка элдерге сиңип жок болуп кетет.

Дүйнөдө 6 миңден ашуун тил бар деп жүрүшөт. Демек, 6 миңден ашуун эл - этнос бар. Бирок, өз алдынча мамлекети бар, ООНго мүчө болгон улуттун саны 193 эле. Ошолордун катарында кыргыз эли бар болгону биздин чоң ырыскыбыз. Элибизге Кудайдын куту конгонунун анык далили ушул. Саны 20-30 миллионго чыккан элдер деле мамлекети жок жүрбөйбү. Кудайга шүгүр дейли. Мына ушул кутту сактап калыш үчүн биз азыркы ааламдашуу заманында, дүйнөлүк рынокко кирүү шартында башка элдер менен атаандаштыкка чыдай ала турган, алар менен теңтайлашып жашай ала турган эл болуубуз зарыл.

Атаандаштыкка чыдай албасак, өзүбүздүн акыл-эс, билим, маданият, турмуштук тажрыйба, мээнеткечтик жагынан башка элдерден кем калбай турганыбызды көрсөтө албасак, анда өз жерибизде өзүбүз кул болуп, бара-бара Ала-Тоодой касиеттүү жерибиздин ээси башка улуттар болуп калаары шексиз. Ошолордун колун карап, жумушун кылып жашоого аргасыздан моюн сунабыз. Мына ошол атаандаштыкка жараган эл болуш үчүн биз биринчи

кезекте улуттук уюткубузду, каада-салтыбызды, наркыбызды, тилибизди сактообуз зарыл. Анан кийин сарамжалдуулукту, мээнеткечтикти үйрөнүүбүз керек. Билимдүү, ишкер, табышкер, мээнеткеч улут гана келечектен үмүт кыла алат. Балдарды кичинесинен ушул сапаттарга тарбиялоо биздин милдет.

## ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ– БИЙЛИКТИН ӨЗГӨЧӨ ТҮРҮ

Бизде жергиликтүү өз алдынча башкаруу жок, алигиче мындай бийлик түзүмү калыптана элек деп айтып жүрөм. Мага: "Айыл округдары, айылдык Кеңештердин депутаттары, шаардык Кеңештер, мэриялар турбайбы, булар өз алдынча башкаруу органдары да", - деп жооп беришет. Мен макул болом. Ооба, мындай органдар бар, алар Кудайга шүгүр иштеп жатышат, жергиликтүү маанидеги ар кандай маселелерди чечип да жатышат. Бирок, баары бир, бизде "жергиликтүү өз алдынча башкаруу" системасы жок дейм. Менин мындай жообумда негиз бар. Анткени, баш мыйзам болгон Конституцияда да, жергиликтүү бийликтерди тескей турган мыйзамдарда да "жергиликтүү өз алдынча башкаруу жергиликтүү жамааттар тарабынан ишке ашырылат" деп жазылган. Маселенин төркүнү ушул жерде – бизде жергиликтүү жамааттар, коомдоштуктар жок, болгону айыл же шаарда жашаган жергиликтүү тургундар, жергиликтүү калк гана бар. Жогоруда айтып кеткендей, "жергиликтүү калк" деген түшүнүк менен "жергиликтүү жамаат",

“жергиликтүү коомдоштук” деген түшүнүктөрдүн ортосундагы айырма асман менен жердей. Жергиликтүү калк жергиликтүү жамаатка же коомдоштукка айланышы үчүн ал жерде сөзсүз түрдө “өз алдынча уюшуу”, “өз алдынча башкаруу”, “өз ара жардам”, “өз алдынча каржылоо” сыяктуу механизмдер калыптануусу зарыл. Жергиликтүү калк ичинде ички уюшкандык болбойт, ар ким өз алдынча, өз көйгөйү менен гана жашайт.

Ошондой эле, жергиликтүү өз алдынча башкарууда негизги маселе болгон “тургундардын сходу” деген түшүнүк да аныкталган эмес. Канча киши катышса “сход” мыйзамдуу болот, аны чакыруу тартиби кандай деген суроолорго жооп жок. “Жергиликтүү тургундардын жыйыны” деген түшүнүк да аныкталбаган нерсе. Жыйынды чакыруу тартиби, ага катышкан кишинин санын белгилөө сыяктуу түшүнүктөр да аныктала элек.

Мына ошондуктан, жок нерсеге таянып түзүлгөн “жергиликтүү өз алдынча башкаруу” түзүмү да жок деп айтууга болот. Бирок, Кыргызстанда “жергиликтүү өз алдынча башкаруу” деп аталган бийликтин схемасы калыптанган. **Ал схема төмөнкүлөрдү камтыйт:**

-өкүлчүлүктүү органдар болгон айылдык, шаардык Кеңештер;

-аткаруу органдары болгон айыл өкмөттөр, шаар башкармалыктары жана мэриялар;

-жергиликтүү калк тарабынан түзүлүүчү аймактык башкаруу органдары, кварталдык жана үй

комитеттери, кондоминиумдар, Аксакалдар соттору жана башка түзүмдөр.

Ошондой болсо да, бул схема өз алдынча бийлик түзүмү болуп калыптана элек, мамлекеттик башкаруунун эле четки бутагы болуп калды. Жергиликтүү коомдоштуктарды уюштуруу, алардагы өз алдынча башкаруу механизмдерин калыптандыруунун ордуна канча жылдан бери мамлекеттик бийлик менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ортосундагы ыйгарым укуктардын ажырымын аныктоо жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын финансылык көз карандысыздыгын камсыз кылуу боюнча майнапсыз талаш менен алек болуп келдик. Жогоруда сөз кылып жаткан жамаатташтырууну, ар бир айылда, шаарда жергиликтүү коомдоштуктарды калыптандыруу, коомдоштуктардын ичинде өз алдынча уюшуу жана башкаруу тартибин киргизмейинче биз жергиликтүү өз алдынча башкаруу түзүмдөрү, алардын ишинин натыйжалуулугу жөнүндө сөз кыла албайбыз. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары болгон айыл өкмөттөрү, депутаттардын айылдык Кеңештери, шаарлардын мэриялары жана депутаттардын шаардык Кеңештери натыйжалуу иштеши үчүн биз сөзсүз жергиликтүү тургундардын жамааттышуусун, ал жамааттардан турган жергиликтүү коомдоштуктарды калыптандыруу ишин турмушка ашыруубуз зарыл.

Анткени такталган, аныкталган, мыйзам чегинде катталган жамааттар гана жергиликтүү өз алдынча башкаруу бийлигин жүргүзө алышат.

# СӨЗ СОҢУ

Бул жерде биз баштаган сөз айыл ичиндеги Ынтымак, аймак ичиндеги Биримдик маселесинин чегинен бир топ эле тышкары чыгып кетет. Мында айтылган иштер алгачкы гана кадамдар. Акыры келип сөз биздин Кыргызстандын коомдук түзүлүшүн кайрадан куруп чыгуу, жарандык коомду жаратуу, мамлекеттик түзүмдүн пайдубалын бекемдөө көйгөйлөрүнө келет. Сөз нукура элдик бийликтин, элдик демократиянын үлгүсүн жаратуу жөнүндө болот.

Ушул жерде улутту алдыга сүрөй турган идея, мамлекеттик идеология жөнүндө да сөз кыла кеткенибиз орундуу болуп турат.

Мамлекеттик идеология жөнүндө талаш-тартыш Кыргызстан эгемендүүлүк алган жылдан бери эле кайра-кайра көтөрүлүп, бирде күчөп, бирде пастап, бирок токтобой уланып келе жатат.

Негизи, Кыргызстан кандай мамлекет болушу керек, анын ички түзүлүшү кандай болот, адамга, коомго, бийликке, жер жана башка табигый байлыктарга карата кандай мамиле болушу зарыл деген сыяктуу өзөктүү маселелер өлкөнүн Конституциясында каралышы керек. Ошол себептүү идеология жөнүндө талаш-тартыш менен конституциялык реформанын тегерегиндеги талаш-тартыштын мааниси бир. Коомдо кайсы идеология үстөмдүк кылса, өлкөнүн Конституциясы ошого ылайык жазылат. Бул талашсыз маселе.

Бул жагдайдан алганда биздин мамлекеттик идеология, жогоруда айтылгандай, эгемендүү мамлекет болгондон эле негизинен анык. Бирок,

элди шыктандырган, элди жигердүү аракеттерге көтөргөн идея жок болуп жатпайбы. Анын себеби эмнеде? Биз мына ушул суроого так жооп табышыбыз керек.

**Кыргызстан-улуттук мамлекет.** Кыргыз Республикасынын түзүүчүсү, анын ээси - кыргыз эли.

**Эгемендүү Кыргызстан - миңдеген жылдар бою элибиз аздектеп келген Улуу Тилек**.

Кыргыз рухунун туу чокусу болгон "Манас" эпосу да элибиздин биримдиги жөнүндө дастан экендиги талашсыз.

Бөлүнбө кыргыз бөлүнбө,
Бөлүнүп калды кыргыз деп,
Бөлүнсөң элге кеп кетет.
Бөлүнүп калсаң сай-сайлап,
Бөрүлөр бирден жеп кетет – деп

айтылгандай, "Манас" эпосу кылымдан - кылымга элди биримдикке үндөп келди, бөлүнгөндүн кесепетинен мамлекет ыдырап, эл тозгонун зар какшап айтып, бизге насаат кылып келди.

"Манас" эпосу кыргыз элинин кайрадан өз туусун көтөрүп, өз ураанын чакырып, өз алдынча мамлекет болуу тилегинин Улуу Сөз катары айтылышы. Кыргыз эли кылымдан кылымга ушул Улуу Тилек менен жашап келди.

Ошондуктан, **биздин улуттук идеологиябыздын өзөгүн – Кыргыз улуттук мамлекеттүүлүк идеясы, анын көз карандысыздыгы түзөт** деп так айта алабыз. Бул

талашсыз чындык.

Ал эми **улуттук мамлекеттүүлүк идеясынын өзөгү да, анын баш максаты да – бул кыргыз элин улут катары сактап калуу жана анын омоктуу өнүгүүсүнө шарт түзүү, улуттук рухту жана ар-намысты бийик көтөрүү**.

Ушул Жобо кабыл алган Кыргыз Республикасынын Конституциясына ачык-айкын жазылып, ошону менен бирге мамлекеттин ички жана тышкы саясаты да ушул асыл ой менен улуу максатка баш ийдирилиши зарыл.

Кыргыз Республикасында кыргыз элинин улуттук өнүгүү кызыкчылыгына жооп бербеген, улуттук нарк жана дөөлөттөргө туура келбеген иш – аракеттерге жол берилбеши керек.

Кыргыз Республикасынын президенти Алмазбек Шаршенович Атамбаев быйылкы 2014-жылды "Мамлекеттүүлүктү бекемдөө жылы" деп жарыя кылды. Абдан туура, терең ойлонулган чечим.

Биз бул чакан китепчеде мамлекеттик түзүлүштүн пайдубалын бекемдөө жөнүндө сөз кылдык. Миңдеген жылдар бою такталган, тастыкталган өз алдынча уюшуу жана өз алдынча башкаруу принциптерине таянып коомдук түзүлүштү кайрадан төмөнтөдөн жогору карай иретке салып чыгуу менен биз мамлекеттик түзүлүштү аныктоонун жаңы жолуна чыгарыбыз да талашсыз.

Мамлекеттик түзүлүштү да, коомдук түзүлүштү да, өлкөнүн келечегин да улуттук нарктын негизинде аныктоо керек деген сунушубузду Кыргызстандын

келечегине кайдигер карабаган бардык мекендештер колдойт деп ишенебиз.

Биз баштап жаткан иш - келечектүү иш, элибизди эл кылып, журтубузду журт кылып сактап калуу жолу.

"Көч бара - бара түзөлөт" деген накыл кеп бар. Учурда Улуу Кыргыз Көчүнүн түзөлө турган мезгили келди, Кыргыз мамлекетинин туусу оболоп көтөрүлүп, элибиздин татыктуу жашай турган мезгили келди.

Биздин максат - Ынтымакка, Биримдикке, Өз ара жардамга, Кайрымдуулукка, Мээнеткечтикке, Айкөлдүккө негизделген коомду калыптандыруу.

Бул - мезгил зарылдыгы, учур талабы.

Ушул жолду – **Ынтымак жолун тандап алуу менен биз Кыргыз Көчүн XXI кылымдагы Улуу Сапарга баштап жатабыз.**

**Жолубуз шыдыр, сапарыбыз байсалдуу болсун!**

# МАЗМУНУ

*Сөз.......................................................................................... 3*

*Ырыс алды—ынтымак.......................................................................... 4*

*Туура максат—туура жол—туура аракет............................................ 10*

*«Алтооң ала болсоң...» ........................................................................ 14*

*Ынтымак—адам баласынын табигый муктаждыгы ........... 17*

*Жамааттык кыймыл—коомдук түзүлүштүн негизи............ 22*

*Улууну урматтоо, кичүүнү ызаттоо-элдик нарктын өзөгү............................................................................ 27*

*Туруктуу жамааттар—ондуктардын өз алдынча түзүлүш негиздери ................................................................................ 32*

*Тууган туурдук эмес... ........................................................................ 35*

*Кайырма-Арык тажырыйбасы жөнүндө .............................. 39*

*Тургазы ажы менен Мукалай аванын аракеттери................... 45*

*Жигер жаштарда, демилге элде .................................................. 51*

*Уруулук түзүлүш жана кыргыз элинин биримдиги ............... 55*

*Ынтымак кеңеши, айылдын бийи, жигит башы жөнүндө..... 60*

*Шаарлардагы жана ири айылдардагы жамааттар жана конуштар .................................................................................. 63*

*Өз жардам—жамааттык биримдиктин өзөгү ............................ 66*

*Ынтымак кеңештери—жалпы көйгөйлөрдү чечүүнүн түз жолу ........................................................................................ 71*

*Айылдык өнүгүү фондусу—айылдык жалпы көйгөйлөрдү чечүүнүн негизи ............................................................................ 75*

*Сарамжалдуулук жана мээнеткечтик жөнүндө ......................... 80*

*Жергиликтүү өз алдынча башкаруу-бийликтин өзгөчө түрү... 84*

*Сөз соңу......................................................................................... 87*

*Эмилбек КАПТАГАЕВ*

**«ЖЕТИ АКЕ ТААЛИМИ-
ӨНҮГҮҮНҮН ӨЗӨГҮ»**
***(Саясий публицистикалык очерк)***
**Кыргызча, 2014, 92 б.**

| | |
|---|---|
| **Редактору** | **А. ЭГЕМБЕРДИЕВ** |
| **Тех. редактору** | **Т. БЕКБАЕВ** |
| **Корректору** | **Ч. АТАНАЕВА** |
| **Компьютерде калыпка салган** | **З. НАРЗУЛЛАЕВА** |

Берилди 08.02..2014-жыл. Басууга 10.03.2014-жылы кол коюлду.
Форматы 84х108. 1/32. Офсет кагазы. Нускасы 2000. Заказ № 137.

**"Карга Аке" басма үйүндө даярдалды жана ЖЧК "Дархан фирмасынын" басмаканасында басылды.**
**722200. Каракол шаары, Токтогул көчөсү, 104.**
**Тел.: (03922) 5-23-08. 0553 2315 61**

**КАПТАГАЕВ Эмилбек Саламатович** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү.

Каптагаев Эмилбек 1957-жылдын 18-июнунда Ысык-Көл районунун Чок-Тал айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган. Кыргыз мамлекеттик университетинин механико-математикалык факультетин 1980-жылы ийгиликтүү аяктап, өз эмгек жолун Кыргыз илимдер Академиясынын Физика-математика институтунда инженер болуп баштаган. 1984-1991-жылдары Математика институтунда кенже илимий кызматкер, Кыргыз илимдер Академиясынын комсомол комитетинин секретары болуп эмгектенген. 1987-жылы илимдер Академиясынын аспирантурасын ийгиликтүү аяктап, Украинанын Одесса шаарында кандидаттык диссертациясын коргогон, физика-математика илиминин кандидаты, 26 илимий макаланын автору.

1991-1993-жылдары Өкмөт алдындагы Жаштар иши боюнча мамлекеттик комиссияда башкы адис- жаштар саясатын иштеп чыгуу боюнча топтун жетекчиси, Кыргызстан Коммунистик партиясынын Борбордук Комитетинин 2-катчысынын жардамчысы, Кыргыз Республикасынын Контракт комитетинде бөлүм башчы, Соода жана материалдык ресурстар Министринин кеңешчиси болуп эмгектенген.

1993-1999-жылдары Кыргыз Өкмөтүнүн аппаратында бөлүм башчы, Премьер-министрдин кеңешчиси, Кыргыз Өкмөтүнүн алдындагы Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын төрагасы болуп кызмат кылды.

1999-жылдын август айында Ысык-Көл облусунун губернаторунун биринчи орун басары, 2002-жылдын декабрында Жети-Өгүз районуна аким болуп дайындалып 2004-жылдын август айына чейин үзүрлүү эмгектенген.

2004-2006-жылдары коомдук жана саясий иштерде болуп, "Улуу Биримдик" улутчул-демократиялык партиясын негиздеген.

2006-2007-жылдары Ысык-Көл биосфералык аймагынын Генералдык дирекциясынын башчысы, Айлана-чөйрөнү коргоо жана токой чарба Агенттигинин коллегия мүчөсү болуп эмгектенген.

2008-2010-жылдары коомдук жана саясий иштерде болуп, Бириккен Элдик Кыймылдын саясий бюросунун мүчөсү, анын Секретариатынын жетекчиси болгон. 2010-жылдын 6-апрелинде камакка алынып, 7-апрель Элдик Революциясынын жеңиши менен камактан бошотулган, 2010-жылдын 7-апрелинен 2011-жылдын декабрь айына чейин Убактылуу Өкмөттүн мүчөсү, Аппарат жетекчиси, Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын жетекчиси болуп эмгектенген.

2012-жылдын ноябрь айында Кыргыз Республикасынын Президентинин кеңешчиси болуп дайындалган, 2013-жылдын июль айынан бери Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү болуп кызмат кылууда.

1987-1994-жылдары Бишкек шаарынын Ленин райондук Эл депутаттар кеңешинин депутаты болуп эки жолу шайланган.

Каптагаев Эмилбек "Манас" ордени (2011), Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы (1995), "Манас-1000" эстелик медалы (1995), "Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнө 10 жыл" төш белгиси (2001), Ысык-Көл облустук администрациясы менен облустук Кеңештин Ардак грамотасы (2002) менен сыйланган, Ысык-Көл облусунун, Ысык-Көл жана Жети-Өгүз райондорунун Ардактуу атуулу.

Каптагаев Эмилбек бир эркек, эки кыздын атасы, жубайы Абида – математик, уулу Кубаныч – дипломатиялык кызматкер, кызы Аида – экономист-математик-эколог, кызы Айжан – психолог.